КЫРГЫЗ-ТҮРК

«МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ

# 2022-2026

# СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАН



www.manas.edu.kg

# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ

## 2022-2026

# СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАН

Кыргыз-Түрк «Манас» университети

Бишкек / Кыргызстан

www.manas.edu.kg



“Бүгүн Советтер Союзу биздин досубуз, коңшубуз, өнөктөшүбүз. Биз бул достукка муктажбыз. Бирок эртең эмне болорун эч ким алдын-ала айта албайт.  Осмон империясы, Австро-Венгрия сыяктуу бөлүнүп, ыдырап кетиши ыктымал.

Бүгүн колунда катуу кармап турган улуттар алаканынан суурулуп, качып кетиши мүмкүн. Дүйнө жаңы тең салмактуулукка ээ болор. Так ошондо Түркия эмне кыларын билиши керек. Биздин бул досубуздун карамагында тили, ишеними бир боордошторубуз бар. Аларды бейдарек таштабай, камкордукка алууга даяр болушубуз керек.

Даяр болуу бул жөн гана ал күндү унчукпай күтүп отуруу эмес. Даяр турушубуз керек. Улуттар буга кандай даярданышат? Рухий көпүрөлөрүн бекемдөө аркылуу. Тил – бул көпүрө, ишеним – бул көпүрө, тарых дагы көпүрө... Биз түпкү тамырыбызга кайрылып, ар кыл окуялардын натыйжасында туш болгон чачыранды абалдан чыгып, биригишибиз керек. Алардын бизге жакындоосун күтпөстөн, биз аларга жакындашыбыз керек”.

1933-жылдын 29-октябры, Чанкая резиденциясы



“Сары Өзөктү басып алган душмандар, башка эл менен басташып, колго түшкөн туткундарга түшкө киргис кордук көрсөткөн мезгилден башталат. Адамды аң-сезимин жоготуп, айбанга айлантчу ыкмалары бар. Ободу жуңжаңдар туткундун чачын бир жолу оң жана анан тескери кырып жалтыратат. Ал ортодо нары жакта касапчы жуңжаңдар бир чоң төөнү союп жаткан болот. Ободу төөнүн терисинин калың, оор келген моюн терисин сыйрып ала коюп, аны устаралап кырып ийип, анан кеп кылып туткундун жалаң башына кийгизет, азыркы сүүчүлдар кийчү кеп такыядай болуп калат. Моюн тери төрт-беш туткунга шири кеп болуп чыгат. Шири ысык күнгө кургаган сайын кысып, туткундун үнү кудайга жетип, көзү чанагынан чыгып, тартпаган азапты тартат да, өлгөнү өлүп тынат, өлбөй калганы өткөн өмүрүн, ата-тегин такыр эстей алгыс маңкурт кул болуп кала берет. Шири кийгизгенден кийин туткундардын мойнуна чоң дөңгөлөктөй жалмыяр байлайт, анысы туткун жаны кыйналганда да башын жерге жаздана албасын дегени. Бул кыйноо төрт-беш күнгө чейин созулат.

Сары Өзөккө ташталган туткундардын көпчүлүгү жан чыдагыс азапта Сары-Өзөктүн аптабын көтөрө албай өлүп кеткен. Тирүү калса беш-алты туткундан бирөө же экөө калган. Ачкадан, же чаңкап өлсө бир жөн го, өлгөндөр төөнүн кам териси күндүн кактоосунда улам кургаган сайын кысылып отуруп мээни баш сөөктөн сыгып чыккыдай абалга жеткирген азаптан өлгөн. Маңкурт деген эс-акылдан ажыраган бир сөлөкөт: өзү ким, эл-жери кайда, ысмы ким, ата-энеси ким, кайда, качан чоңойгон, - эчтеме эсинде калбайт, эчтемени билбейт, кыскасы өзүн адам элем деп эсептебей калат». Чыңгыз Айтматов «Кылым карытар бир күн».



# МАЗМУНУ


**АЛГЫ СӨЗ ..... 7**

**ЖЕТЕКЧИЛИКТИН СӨЗҮ ..... 9**

**СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНДОО ..... 11**

**1-БӨЛҮМ. СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАН ..... 11**

**2-БӨЛҮМ. ДАЯРДЫК КӨРҮҮ ПРОЦЕССИ ..... 15**

**3-БӨЛҮМ. АБАЛДЫ АНАЛИЗДӨӨ ..... 20**

3.1. УНИВЕРСИТЕТТИН ТАРЫХЫНАН ..... 21

3.2. СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНДЫ БААЛОО ..... 23

3.3. ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК ДОКУМЕНТТЕРДИ АНАЛИЗДӨӨ ..... 24

3.4. НЕГИЗГИ САЯСИЙ ДОКУМЕНТТЕРДИ АНАЛИЗДӨӨ ..... 30

3.5. ИШ БАГЫТТАРЫ МЕНЕН ӨНҮМДӨРДҮ ЖАНА КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ АНЫКТОО ..... 31

3.6. КЫЗЫКДАР ТАРАПТАРДЫ АНАЛИЗДӨӨ ..... 32

3.7. МЕКЕМЕНИ БААЛОО ..... 34

3.8. УЮШТУРУУЧУЛУК ТҮЗҮМДҮН СХЕМАСЫ ..... 35

3.9. АДАМ РЕСУРСТАРЫ ..... 37

3.10. КОРПОРАТИВДИК МАДАНИЯТ ..... 38

3.11. ФИЗИКАЛЫК РЕСУРСТАР ..... 38

3.12. МААЛЫМАТТЫК-ТЕХНОЛОГИЯЛЫК БАЗА ..... 39

3.13. ОКУУ-ТАРБИЯЛЫК ЖАНА ИЛИМИЙ ИШТЕРДИ АНАЛИЗДӨӨ ..... 41

3.14. КҮЧТҮҮ ЖАНА АЛСЫЗ ЖАКТАРДЫ, МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРДҮ ЖАНА ТОБОКЕЛЧИЛИКТЕРДИ АНАЛИЗДӨӨ ..... 44

**4-БӨЛҮМ. КЕЛЕЧЕККЕ КӨЗ-КАРАШ ..... 50**

4.1. МИССИЯ ..... 51

4.2. КОНЦЕПЦИЯ ..... 51

4.3. НЕГИЗГИ БААЛУУЛУКТАР ..... 51

**5-БӨЛҮМ. БАШКАЛАРДАН АЙЫРМАЛАНУУ СТРАТЕГИЯСЫ ..... 52**

НЕГИЗГИ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫ ТАНДОО ..... 58

**6-БӨЛҮМ. СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНДОО ..... 60**

СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР ..... 60

СТРАТЕГИЯЛАР/ ИШ-ЧАРАЛАР ЖАНА ДОЛБООРЛОР/ НАТЫЙЖАЛУУЛУКТУН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ ..... 62

КӨРСӨТКҮЧТӨРДҮН КАРТАЛАРЫ ..... 62

**7-БӨЛҮМ. КӨЗӨМӨЛДӨӨ ЖАНА БААЛОО ..... 82**

## *ТАБЛИЦАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ*


**1-таблица: Негизги көрсөткүчтөрдүн баштапкы жана акыркы деңгээли** ........ 13
**2-таблица: Милдеттерди ишке ашыруу** ........ 24
**3-таблица: Күчүнө кирген ченемдик-укуктук документтер** ........ 25
**4-таблица: Кайра карап чыгылган ченемдик-укуктук документтер** ........ 27
**5-таблица: Күчүн жоготкон ченемдик-укуктук документтер** ........ 29
**6-таблица. Кызыкдар тараптардын түрлөрү боюнча артыкчылык тартиби** ........ 32
**7-таблица. Академиялык жана административдик кызматкерлердин саны** ........ 37
**8-таблица: Студент башына туура келген аянт (чарчы метр)** ........ 39
**9-таблица: Кыймылсыз мүлктөр** ........ 39
**10-таблица: Китепкана булактары** ........ 39
**11-таблица: Колдонулуп жаткан серверлердин саны** ........ 40
**12-таблица: Колдонулуп жаткан программалык камсыздоолор жана маалыматтык тутумдар** ........ 40
**13-таблица: Факультеттердин, жогорку мектептердин жана орто кесиптик колледждин бакалавриат жана кесиптик орто билим берүү программаларынын саны** ........ 41
**14-таблица: Магистратура жана докторантура программалары** ........ 42
**15-таблица: Илимий изилдөө долбоорлору** ........ 42
**16-таблица: Азыркы учурда окуп жаткан студенттер менен бүтүрүүчүлөрдүн саны** ........ 43
**17-таблица:  Дарсканалар жана лабораториялар** ........ 43
**18-таблица: Окуу корпустарынын жалпы аянты** ........ 43
**19-таблица: Максат менен бирдиктин  мамилеси** ........ 61


## *ДИАГРАММАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ*


**1-сүрөт: Академиялык уюштуруучулук түзүмдүн схемасы** ........ 35

**2-сүрөт: Административдик уюштуруучулук түзүмдүн схемасы** ........ 36

**3--сүрөт: Академиялык түзүмдөр** ........ 41

**4-сүрөт: Академиялык түзүмдөр** ........ 51

**5--сүрөт. Стратегиялык пландоо мезгилинде башкалардан айырмалануу миссиясы – 2022-2026-ж.ж.** ........ 55

## *КӨРСӨТКҮЧТӨРДҮН КАРТАЛАРЫ*

**1-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А1Н1.1** ........ 63
**2-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А1Н1.2** ........ 64
**3-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А1Н1.3** ........ 65
**4-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А1Н1.4** ........ 66
**5-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А1Н1.5** ........ 67
**6-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А2Н2.1** ........ 68
**7-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А2Н2.2** ........ 70
**8-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А2Н2.3** ........ 71
**9-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А3Н3.1** ........ 72
**10-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А3Н3.2** ........ 73
**11-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А3Н3.3** ........ 74
**12-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А3Н3.4** ........ 75
**13-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А3Н3.5** ........ 76
**14-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А4Н4.1** ........ 77
**15-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А4Н14.2** ........ 78
**16-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А4Н4.3** ........ 79
**17-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А4Н4.4** ........ 80

# АЛГЫ СӨЗ



26 жыл мурун Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы боордоштукту бекемдөө максатында Кыргыз-Түрк «Манас» университети түзүлгөн. Бул ой-максат ишке ашып, аталган окуу жай Кыргызстандагы жана башка түрк элдери отурукташкан жакын аймактарда эң абройлуу жогорку окуу жайына айланды.

Бул боордош мамлекеттердин демилгеси менен ачылган Кыргыз-Түрк «Манас» университети мындан ары да өзүнүн милдеттерин ийгиликтүү аткаруу үчүн иштей бермекчи. Бул окуу жайдын бедели улам барган сайын көтөрүлүшү абзел. Ал өз ишин келечекте да улантышы керек. Дүйнөдөгү башка алдыңкы жогорку окуу жайларда болуп жаткан өнүгүүлөрдү дайыма көзөмөлдөгөн Кыргыз-Түрк «Манас» университети өзүнүн түзүмү жана иштөө ыкмасынын өзгөчөлүгү менен атаандаштарынан калышпайт.

Бүгүнкү күнгө чейин илимий публикациялар, изилдөөлөр, коомго пайда алып келүүлөр, ишкер чөйрө менен кызматташтык, акысыз жана сапаттуу жогорку билим берүү менен жаштарга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн Кыргыз-Түрк «Манас» университети мындан ары да ийгиликтүү университеттердин катарын толуктамакчы.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 2022-2026-жылдардын аралыгындагы стратегиялык планынын өзгөчөлүктөрү аныкталды. Бул планды ишке ашыруу Түрк мамлекеттери уюму тарабынан «Түрк дүйнөсү - 2040тын» милдеттеринин бири катары белгиленди. Бул стратегиялык планда Кыргыз-Түрк «Манас» университети демилгечи университет деп айтылат. Бул ойду ишке ашыруу үчүн билим берүү процесстери кайрадан иштелип чыгат. Студенттер сынчыл ой жүгүртүүгө үйрөнөт, теория түрүндө алган маалыматты ишке ашырат. Кыргыз-Түрк «Манас» университети демилгелүү инсандарды, коомго инновация жана пайда алып келген бүтүрүүчүлөрдү даярдап, өзүнүн беделин мындан да жогору көтөрдү.

Урматтуу Президентибиз Режеп Тайип Эрдогандын катышуусу менен уюштурулган “Ой-пикирден - ишмердүүлүккө” деп аталган Түркия ишкерлеринин

жыйынында да ишкердиктин маанилүүлүгүнө басым жасалды. Урматтуу Президентибиз мында жаштарыбыз зарыл болгон инфратүзүм жана билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, ишкердик жана новатордук жагынан алдыда экенин белгилеген. Ал эми 2022-2026-жылдардын аралыгындагы стратегиялык план Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студенттеринин ийгиликке жетишин камсыз кылат.

Урматтуу Президентибиз Кыргыз-Түрк «Манас» университетин ар дайым колдоорун айтып келет. Кыргыз-Түрк «Манас» университетин ийгиликке жеткире турган 2022-2026-жылдардын аралыгындагы стратегиялык план жакшылыктарды алып келсин демекчибиз.

**Проф., докт. Фахреттин Алтун**

Түркия Республикасынын Президентине караштуу Коммуникация башкармалыгынын жетекчиси,
Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Камкорчулар кеңешинин төрагасы





**Проф., докт. Алпаслан Жейлан**
Ректор

**Проф., докт. Асылбек Кулмыраев**
Биринчи проректор

## ЖЕТЕКЧИЛИКТИН СӨЗҮ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети 25 жыл мурун, алгач эшигин студенттерге ачкан күндөн бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасынын билим берүү жана изилдөө экотутумуна салым кошуу менен алектенди. Үстүбүздөгү кылымдын экинчи чейрегине кирип жатканда колго алынган бул стратегиялык пландын негизги максаты эл аралык стандартка жана маалымат доорунун талаптарына жооп берген иш-аракеттерди жасоо болуп эсептелет.

Бул стратегиялык план интернационалдашуу факторун эң жогорку орунга коёт. Бул стратегиялык план майда ишканалардан турган Кыргызстандын ишкердик экотутумуна илим, технология жана инновация жаатында колдоо көрсөтөт. Аталган планда инкубация борборун жана жогорку технологиялар паркын куруу каралган.

Бирок билим берүү көп кырдуу тармак болуп эсептелет. Тагыраак айтканда, бул мөөнөттүн ичинде практиканы биринчи планга коет. Теориядан практикага өтүү, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү пландаштырылган. Дал ушуга байланыштуу билим берүү программаларынын баары жаңы мезгилде кайрадан каралып чыгып, студенттердин дүйнөлүк университеттер менен интеграциясы үчүн зарыл болгон иштерди жасап, башка ресурстардын түрүн көбөйтүүгө аракет кылынат. Бул максатта Түркиянын колдоосунан тышкары Европа биримдигинин жана башка эл аралык уюмдардын колдоосу күтүлүүдө.

Пандемия маалында бүткүл адамзат ден соолуктун кадырын билди. Кыргызстан да бул тармакты чыңдашы керек экендиги белгилүү болду. Түркия Республикасынын колдоосу менен мурунку стратегиялык планды ишке ашырууда Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде вакцинация жүргүзүлүшү жана ден соолук борборунун курулушу абдан маанилүү болду. Бирок орчундуу иш аткаруу үчүн эл аралык стандарттарга жооп берген медициналык кызматкерлерди даярдоо керек. Ушул себептен улам, мурунку стратегиялык планды ишке ашыруу учурунда урматтуу Түркия Республикасынын

Президенти Режеп Тайип Эрдоган мырза капсуласын салган Теология факультетинин курулушу жана иштеп башташы Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин маанилүү иштеринин бири болуп эсептелет. Жаңы доордо Теология факультетине студенттерди кабыл алуу жана ушундайча билим берүү олуттуу иш-аракет болуп саналат.

Кыргызстан өзүнүн табиятынын көрктүүлүгү менен Орто Азиянын бермети болуп эсептелет. Ушул себептен улам аталган стратегиялык планда бүткүл дүйнөдөгү экономикалык өнүгүүнүн негизинде табиятка жана айлана-чөйрөгө кылдат мамиле жасоо түшүнүгүнүн алкагында келечекке кызмат өтөй турган бүтүрүүчүлөрдү даярдоо, студенттер университетте окуп жаткан мезгилинде үйрөнө ала тургандай билим берүү программасын иштеп чыгуу максаты коюлган. Мындан ары да башкалардан айырмалануу жаатында туруктуу иш алып барууда өнүгүү боюнча милдеттерди коюп, мазмунун тереңдетүү пландаштырылууда. Бул жаатта өнүгүү үчүн студенттерге долбоор иштеп чыгуу боюнча конкурстарды уюштуруп, атаандаштыкта озуп чыгуу максатын көздөйт.

Жыйынтыктап айтканда, 25 жылдык тажрыйбанын негизинде жаңы кадамдар жасалып, жаңы стратегиялык план Кыргыз-Түрк «Манас» университетине ийгилик алып келет деп ишенебиз.



КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN - TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

1995

**Миссиясы**

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин миссиясы - заманбап билим берүү системасынын жардамы менен түрк дүйнөсүнүн жаш муундарын аң-сезимдүү, өзүнө ишенген, жоопкерчиликтүү инсан катары тарбиялап өстүрүү. Окуу жайда өз маданий баалуулуктарын сактаган, ар тараптуулукка умтулган, инсан катары калыптанган, түрк дүйнөсү менен дүйнөлүк илимге өз салымын кошо алган, жаңы маданиятты курууну кыялданган жаш муундарды даярдоого артыкчылык берилет. Университет академиялык кызматкерлеринин жана студенттеринин катышуусунда түрк тилдүү мамлекеттер менен тил, илим, билим, тарых, адабият, маданият, көркөм өнөр, экономика жана спорт жаатында кызматташууну өнүктүрүүнү, ошондой эле инсандык баалуулуктарды калыптандырып, университет академиялык кызматкерлеринин жана студенттеринин катышуусунда түрк тилдүү мамлекеттер менен тил, илим, билим, тарых, адабият, маданият, көркөм өнөр, экономика жана спорт жаатында кызматташууну өнүктүрүүгө, ошондой эле инсандык баалуулуктарды калыптандырып, универсалдуулукка умтулат.

**Концепциясы**

Түрк дүйнөсүнүн эзелтен берки тажрыйбаларына таянган, абройлуу, эл аралык аренада өзүн тааныткан, окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштери боюнча бай тажрыйбага ээ, түрк цивилизациясына салым кошо ала турган эл аралык деңгээлде абройлуу, жаратман жана дүйнөгө таанылган алдыңкы университет болуу окуу жайыбыздын негизги максаттары болуп саналат. Университеттин концепциясы – заманбап, демилгелүү, жаңычыл, өзгөрүүгө жана өнүгүүгө ачык, региондо алдыңкы катардагы окуу жай болуу. Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин 21-кылымдагы негизги максаттарынын бири – жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо аркылуу Кыргызстандын экономикасына салым кошуу.

**А.1. Студентке ар тараптан кам көрүү менен сапаттуу билим берүү моделине ээ университет катар**

Н.1.1. Жаңы бөлүмдөрдү ачып, кош жана кошумча адистик программаларда окуу мүмкүнчүлүктөрүн берүү менен тандалма университеттердин бири болуу.
Н.1.2. ЖОЖдон кийинки билим берүү программларында магистранттардын жана докторанттардын санын көбөйтүү.
Н.1.3. Үзгүлтүксүз билим берүү иш-чараларынын сапатын арттыруу, өмүр бою билим берүү иштерин өнүктүрүү.
Н.1.4. Жогорку квалификациялуу академиялык кызматкерлердин санын көбөйтүү.
Н.1.5. Чет элдик студенттердин жана окутуучулук курамдын академиялык мобилдүүлүгү боюнча жүргүзүлгөн алмашуу программаларына колдоо көрсөтүү.
ы түрк дүйнөсүнүн университеттеринин арасында биринчи орундарга жетүү.

**А.2. Университетте илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү боюнча инфратүзүмдү өнүктүрүп, илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук (AR-GE) иштерди жүргүзүп, илимде, иш чөйрөсүндө жана коомдо кейгейлөрдү чечүү боюнча изилдөөлөрү менен илимий багыттагы университет болуу.**

**Н.2.1. Сапаттуу басылмалардын, илимий жана көркөм өнөр иш-чаралардын санын көбөйтүү.**
**Н.2.2. Илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү боюнча инфратүзүмдү чыңдап, бул жаатта компетенттүүлүктү жогорулатуу.**
**Н.2.3. Биринчи кезекте түрк дүйнөсүндө жүргүзүлгөн эл аралык жана улуттук илимий изилдөөлөрдүн, долбоорлордун жана кызматташтыктардын санын арттыруу.**

**А.3. Экономикалык жана социалдык баалуулуктарга айланган ишкердикти жана новатордук иш-чараларды арттыруу жана ишкер университет катары аймактагы эң алдыңкы университет болуу.**

Н.3.1. Милдеттерди аныктоо жана перформанс боюнча иш жүргүзгөн борборлорду түзүү.
Н.3.2. Ишкердики жөнгө салуу жана аны улантуу боюнча ишкерлердин билимин жана көндүмдөрүн өнүктүрүү.
Н.3.3. Ишкердикти колдоо жаатында инфратүзүмдү чыңдоо.
Н.3.4. Ден соолук, техника жана социалдык инновациялык багыттарда ишкердикти өнүктүрүү.
Н.3.5. Университетте ишкердик жана новатордук маданиятты өнүктүрүү.

**А.4. Коомго кызмат өтөө жаатындагы иш-чараларды сандык жана сапаттык жактан артырүү жана университеттин бардык кызыкдар тараптарынын арасында узак мөөнөттүү социалдык жоопкерчилик түшүнүгүн жайылтуу.**

Н.4.1. Кызыкдар тараптар менен өткөрүлгөн социалдык жана коомго кызмат өтөө жаатындагы иш-чараларды сандык жана сапаттык жактан жогорулатуу, кызматташтыктын механизмдерин иштеп чыгуу.
Н.4.2. Коомдук жашоонун сапатын арттыруу боюнча университет тарабынан өткөрүлүп жаткан (аймактык, улуттук жана эл аралык) көркөм өнөр, маданият жана башка иш-чаралардын санын көбөйтүү.
Н.4.3. Түрк дүйнөсүнүн орток маданияты боюнча жеке менчик жана коомдук мекемелер менен кызматташып, коомдун муктаждыктарына жооп берүү.
Н.4.4. Коомго кызмат көрсөтүү максатында жүргүзүлүп жаткан иштерди коомго маалымдуулук деңгээлин жогорулатуу жана эл аралык мамилелерди өнүктүрүү.

**1-таблица: Негизги көрсөткүчтөрдүн баштапкы жана акыркы деңгээли**

| Баштапкы деңгээли | Натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү | Акыркы деңгээли |
|---|---|---|
| 0 | PG 1.1.1. Сектордун суроо-талаптарын эске алуу менен жаңы бөлүмдөрдү/ программаларды ачуу (кумулятивдик) | 4 |
| 1518 | PG 1.1.2. Практикадан ийгиликтүү өткөн студенттердин саны | 1650 |
| 41 | PG 1.1.3. Окууну аяктагандан кийин өз адистиги боюнча жумушка орношуу коэффициенти (%) | 55 |
| - | PG 1.1.4 Медицина факультетин ачуу | 1 (2022) |
| 3 | PG 1.2.1. Кыргызча жана түркчө окутуу тилдеринен тышкары чет тилде жүзөгө ашырылган ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларынын саны | 9 |
| 50 | PG 1.2.2. “Манас” университетинин бүтүрүүчүлөрүнөн сырткары ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларын тандаган студенттердин саны | 60 |
| 8 | PG 1.2.3. ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча окуган студенттердин санынын университеттин студенттеринин жалпы санына карата катышы (%) | 10 |
| 0 | PG 1.2.4. Онлайн (аралыктан окутуу) түрүндөгү ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларынын саны | 5 |
| 12 | PG 1.3.1. Үзгүлтүксүз билим берүү программаларына катышкан студенттердин саны | 150 |
| 2 | PG 1.3.2. Үзгүлтүксүз билим берүү борбору тарабынан уюштурулган окуу курстарынын саны | 25 |
| 0 | PG 1.3.3. Конгресс, конференция, квалификацияны жогорулатуу курстары сыяктуу уюштурулган иш-чаралардын саны | 6 |
| 2 | PG 1.4.1. ISI же SCOPUS индекстүү журналдарда 200 жана андан жогору шилтемеси болгон илимий даражага ээ окутуучулардын саны | 30 |
| 22 | PG 1.4.2. ISI же SCOPUS индекстүү журналдарда кеминде h-индекси (Хирша индекси) 8 жана андан жогору болгон илимий даражага ээ окутуучулардын саны | 50 |
| 64 | PG 1.4.3. Акыркы беш жылда ISI же SCOPUS индекстүү журналдарда кеминде 3 макаласы болгон илимий даражага ээ окутуучулардын саны | 90 |
| 218 | PG 1.4.4. Академиялык кызматкерлердин жергиликтүү жана эл аралык иш-чараларга катышуусунун саны | 240 |
| 1 | PG 1.5.1. “Эрасмус плюс” программасына катышкан студенттердин саны | 25 |
| 2 | PG 1.5.2. “Эрасмус плюс” программасына катышкан окутуучулардын саны | 5 |
| 0 | PG 1.5.3. “Орхун” жана “Мевляна” алмашуу программасына катышкан студенттердин саны | 50 |
| 0 | PG 1.5.4. “Орхун” жана “Мевляна” алмашуу программасына катышкан окутуучулардын саны | 15 |
| 0.478 | PG 2.1.1. SCI, SCI Exp., SSCI жана AHCI индекстүү журналдарда окутуучу башына туура келген макалалардын саны | 0.55 |
| 0.5 | PG 2.1.2. SCI, SCI Exp., SSCI жана AHCI индекстүү журналдардан сырткары башка журналарда окутуучу башына туура келген макалалардын саны | 0.90 |
| 9.08 | PG 2.1.3. SCI, SCI Exp., SSCI жана AHCI индекстүү журналдарда окутуучу башына туура келген шилтемелердин саны | 10.00 |
| 18 | PG 2.1.4. Эл аралык көргөзмө/ бет ачар/ бьеннале ж.б. иш-чараларга катышуунун саны | 20 |
| 198 | PG 2.1.5. Эл аралык симпозиум, конгресс, конференция сыяктуу илимий иш-чараларда окулган докладдардын саны | 240 |
| 11 | PG 2.2.1. Материалдык-техникалык базасы чыңдалган лабораториялардын жана түзүмдөрдүн саны | 15 |
| 5 | PG 2.2.2. Лабораторияларда иштеген жогорку квалификациялуу кызматкерлердин саны | 7 |
| 1 | PG 2.2.3. Университетте диссертация жана илимий макала жазуу, жарыялоо, долбоорду иштеп чыгуу жана илимий тилди колдоо ж.б. боюнча тренингдердин саны | 4 |

| | | |
|---|---|---|
| 7 | PG 2.3.1. Түрк дүйнөсүнө байланыштуу долбоорлордун, илимий иштердин жана кызматташтыктардын саны | 10 |
| 20 | PG 2.3.2. Окутуучу башына туура келген университет тарабынан колдоого алынган илимий долбоорлордун саны | 30 |
| 5 | PG 2.3.3. Окутуучу башына туура келген улуттук жана эл аралык мекемелер тарабынан колдоого алынган илимий долбоорлордун саны | 10 |
| 29953$ | PG 2.3.4. Эл аралык илимий изилдөө долбоорлор тарабынан көрсөтүлгөн колдоонун көлөмү | 45000 |
| 0 | PG 2.3.5. Долбоорлорду иштеп чыгуу боюнча тренингди уюштуруу | 3 |
| 0 | PG 3.1.1. Ачуу жана иштетүү үчүн колдоого алынган технологиялык устаканалардын саны | 3 |
| 0 | PG 3.1.2. Ачуу жана иштетүү үчүн колдоого алынган стартаптардын (инновациялык бизнес) саны (даана) | 5 |
| 0 | PG 3.1.3. Инкубатордук борбордун алкагында колдоого алынган ишканалардын саны (даана) | 5 |
| 0 | PG 3.2.1. Ишкердик боюнча тренингдерге катышып, сертификат алууга укугуна ээ болгон адамдардын саны | 200 |
| 0 | PG 3.2.2. Ишкердик боюнча тренингдердин саны | 25 |
| 2 | PG 3.3.1. Бардык билим берүү программаларында жаңычылдык жана ишкердик боюнча тематикалык сабактардын саны | 5 |
| 0 | PG 3.3.2. Ишкердик боюнча уюштурулган сертификат берүүчү программалардын жана жайкы мектептердин саны | 3 |
| 0 | PG 3.3.3. КТМУда коммерциялашкан бизнес-идеялардын натыйжасында университеттин инвестициядан чыгуу моделин аныктоо менен инвестиция алган бизнес долбоорлордун саны | 3 |
| 0 | PG 3.4.1. Академиялык кызматкерлер жана студенттер тарабынан ачылган ишканалардын саны (кумулятивдик) | 5 |
| 0 | PG 3.4.2. Инкубатордук борборлордо тренинг/ менторлук (насаатчылык)/ кеңеш берүү кызматтарын пайдаланган ишкерлердин саны (кумулятивдик) | 40 |
| 0 | PG 3.4.3. Университет тарабынан көтөрүлгөн демилгелерге которулган тышкы каражаттардын (гранттар, периште инвестициясы, тобокелчил капитал ж.б.) суммасы (кумулятивдик) | 3.000$ |
| 0 | PG 3.5.1. Улуттук иш-чаралардын саны | 4 |
| 0 | PG 3.5.2. Эл аралык иш-чаралардын саны | 4 |
| 0 | PG 3.5.3. Улуттук иш-чараларга катышкан кишилердин саны | 150 |
| 0 | PG 3.5.4. Эл аралык иш-чараларга катышкан кишилердин саны | 150 |
| 2 | PG 4.1.1. Сертификат берүүчү окуу программаларынын саны | 5 |
| 5 | PG 4.1.2. Сертификат берүүчү окуу программаларына катышкан кишилердин саны | 50 |
| 38 | PG 4.1.3. Академиялык түзүмдөр, өкмөттүк эмес уюмдар жана кесиптик уюмдар менен кол коюлган келишимдердин саны | 50 |
| 615 | PG 4.2.1. Уюштурулган маданий жана көркөм өнөн жаатындагы иш-чаралардын саны | 630 |
| 4 | PG 4.2.2. Уюштурулган спорттук иш-чаралардын саны | 6 |
| 3480 | PG 4.2.3. MEDİAMANAS тарабынан түзүлгөн радио жана телеберүүлөрдүн саны | 3.700 |
| 11 | PG 4.3.1. Артыкчылыктуу тармактарга көрсөтүлгөн кеңеш берүү кызматтарынын саны | 15 |
| 5 | PG 4.3.2. Артыкчылыктуу тармактарга көрсөтүлгөн билим берүү кызматтарынын саны | 7 |
| 6 | PG 4.3.3. Орток маданият тармагында университет менен мамлекеттик жана жеке секторлордун арасында өткөрүлгөн иш-чаралардын саны | 8 |
| 11 | PG 4.3.4. Даярдалган даректүү тасмаларды көрсөтүүнүн саны | 12 |
| 25 | PG 4.3.5. Даярдалган даректүү тасмаларды бардык тармактарда көрсөтүүнүн саны | 30 |
| 5 | PG 4.4.1. Иш-чараларды кулактандырууда колдонулган социалдык тармактардын саны | 7 |
| 1000 | PG 4.4.2. Активдүү социалдык тармактарда кулактандыруу өткөрүлгөн иш-чаралардын саны | 1200 |
| 25 | PG 4.4.3. Эл аралык иш-чаралардын саны | 30 |
| 30 | PG 4.4.4. Иш-чараларга катышкан кызматкерлердин саны | 40 |
| 60 | PG 4.4.5. Иш-чараларга катышкан студенттердин саны | 70 |

## 2-БӨЛҮМ. ДАЯРДЫК КӨРҮҮ ПРОЦЕССИ

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 2022-2026-жылдардагы стратегиялык планын даярдоо иш-аракеттери ректораттын 2021-жылдын 5-мартындагы көрсөтмөсү менен башталган. Бул тууралуу бардык кызматкерлерге маалымат берилген. Жогорудагы көрсөтмөнүн негизинде стратегиялык планды даярдоо комиссиясы түзүлгөн.

Стратегиялык планды даярдоо комиссиясы 2021-жылдын 24-мартында алгачкы жыйынын өткөрдү. Бул жыйында иштөө календары, ишти жыйынтыктоо мөөнөтү жана жооптуу кишилер аныкталган. Аталган ишти багыттоочу консультанттар жана маалыматнаама даярдалып, жооптуу кишилерге жиберилген.

Стратегиялык планды даярдоо комиссиясы ар бир түзүмдөн эң аз бир кишиден туруп, Стратегиялык өнүктүрүү боюнча комитеттин сунушу менен ректораттын 2021-жылдын 5-мартындагы көрсөтмөсү боюнча түзүлгөн.

2021-жылдын 14-апрелиндеги жыйында стратегиялык планды даярдоодо ким кандай иш аткарары аныкталгандан кийин, стратегиялык пландаштыруу боюнча жумушчу тобу чогулуп, курамындагы мүчөлөрүнө маалымат берген. Ар бир топ өзүнүн тармагына тиешелүү түзүмдүн стратегиялык планын иштеп чыгып, белгиленген календардын алкагында комитетке баяндама түрүндө сунуштайт.

2021-жылы ишти жүргүзүүнүн экинчи мөөнөтүндө түзүмдөрдөн берилген күчтүү, алсыз жактар, мүмкүнчүлүктөр жана тобокелчиликтерди талкуулоо үчүн Стратегиялык өнүктүрүү боюнча комитеттин алгачкы жыйыны 2021-жылдын 15-ноябрында өткөрүлүп, анализдерди бирдиктүү иштеп чыгуу иштери башталган.

2021-жылдын 3-декабрындагы жыйында консолидацияланган күчтүү, алсыз жактар, мүмкүнчүлүктөр жана тобокелчиликтердин анализинин корутундусуна кол коюлган. Башкалардан айырмалануу стратегиясы жана кызыкдар тараптарды анализдөө иш-аракеттеринин башталышы жана консолидацияланышы тууралуу буйрук чыккан.

2021-жылдын 13-декабрындагы жыйында стратегиялык пландаштыруу боюнча комиссия түзүмдөрдүн стратегиялык планы, ички-тышкы кызыкдар тараптарын анализдеп, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин иш-чараларын эске алуу менен абалга баа берилген.

2021-жылдын 27-декабрындагы акыркы жыйында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин келечекке койгон максаты, милдеттери, негизги баалуулуктары, күчтүү жана алсыз жактары, мүмкүнчүлүктөрү, тобокелчиликтери каралып чыкты. Кабыл алынган милдеттер боюнча көрсөткүчтөрдү аныктоо үчүн тийиштүү түзүмдүн учурдагы абалын көрсөтүп, түзүмгө таандык милдеттерди аныктоо талап кылынган. Топтолгон маалыматтардын негизинде, көрсөткүчтөр менен милдеттер боюнча стратегия, тобокелчилик жана муктаждыктар аныкталып, учурдагы жагдай анализденгенден кийин, университеттин миссиясынын негизинде негизги максат жана милдеттер белгиленип, аталган стратегиялык план жогорку жетекчилик тарабынан каралып чыккан.

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Стратегиялык планды даярдоо календары** | | | | | | | | | | | |
| | | **2020** | | | | | | | | **2021** | |
| **Түшүндүрмө** | | **февраль** | **март** | **апрель** | **май** | **июнь** | **октябрь** | **ноябрь** | **декабрь** | **январь** | **февраль** |
| 1. | Пландоо процессин уюштуруу | | | | | | | | | | |
| | Стратегиялык планды бекитүү | | | | | | | | | | |
| | Маалыматтандыруу жыйынын өткөрүү | | | | | | | | | | |
| | Убакытты пландаштыруу | | | | | | | | | | |
| **Абалды анализдөө** | | | | | | | | | | | |
| 2. | Университеттин тарыхынан | | | | | | | | | | |
| | Жүзөгө ашырылган стратегиялык планды баалоо | | | | | | | | | | |
| | Ченемдик-укуктук документтерди анализдөө | | | | | | | | | | |
| | Негизги саясий документтерди анализдөө | | | | | | | | | | |
| | Иштөө багыттары менен өнүмдөрдү жана кызмат көрсөтүүлөрдү аныктоо | | | | | | | | | | |
| | Мекемени баалоо | | 2. | | | | | | | | |
| | Адам ресурстары | | | | | | | | | | |
| | Корпоративдик маданият | | | | | | | | | | |
| | Материалдык-техникалык база | | | | | | | | | | |
| | Маалыматтык-технологиялык инфратүзүм | | | | | | | | | | |
| | Окуу-тарбиялык иш-чараларды анализдөө | | | | | | | | | | |
| | Күчтүү жактарды, алсыз жактарды, мүмкүнчүлүктөрдү жана тобокелчиликтерди анализдөө | | | | | | | | | | |
| | Муктаждыктарды аныктоо | | | | | | | | | | |
| **Келечекке көз караш** | | | | | | | | | | | |
| 3. | Миссия | | | | | | | | | | |
| | Концепция | | | | | | | | | | |
| | Негизги баалуулуктар жана принциптер | | | | | | | | | | |
| **Башкалардан айырмалануу** | | | | | | | | | | | |
| 4. | Башкалардан айырмалануу стратегиясы | | | | | | | | | | |
| **Максат, милдет жана** | | | | | | | | | | | |
| 5. | Максаттар | | | | | | | | | | |
| | Милдеттер | | | | | | | | | | |
| | Натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү | | | | | | | | | | |
| | Стратегиялар | | | | | | | | | | |
| **Стратегиялык пландын** | | | | | | | | | | | |
| 6. | Университеттин стратегиялык планын даярдоо | | | | | | | | | | |
| | Университеттин стратегиялык планын бекитүү | | | | | | | | | | |

| Стратегиялык пландоо комиссиясы | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Проф., докт. Серхат Бурмаоглу | Декандын м.а. | Экономика жана башкаруу факультети | Башчы |
| 2 | Проф., докт. Исмаил Шен | Декандын м.а. | Ветеринария факультети | Мүчө |
| 3 | Проф., докт. Кадир Ардыч | Мүдүрдүн м.а. | Коомдук илимдер институту | Мүчө |
| 4 | Доц., докт. Касым Байнал | Окутуучу | Экономика жана башкаруу факультети | Мүчө |
| 5 | Доц., докт. Гүнтекин Шимшек | Окутуучу | Туризм факультети | Мүчө |
| 6 | Доц. м. а., докт. Жунус Ганиев | Окутуучу | Экономика жана башкаруу факультети | Мүчө |
| 7 | Доц., докт. Октай Өзгүл | Башкы катчы | Башкы катчы | Мүчө |
| 8 | Жейда Тугче Дөнмез | Башчы | Стратегиялык пландоо башкармалыгы | Мүчө |

| Стратегияны пландоо тобу | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Окуу-тарбиялык иштер боюнча стратегиялык пландоо тобу | Проф., докт. Исмаил Шен | Декандын м.а. | Ветеринария факультети | **Координатор** |
| | Доц., докт. Билал Солак | Окутуучу | Экономика жана башкаруу факультети | Мүчө |
| | Доц., докт. Мээрим Имаш кызы | Окутуучу | Табигый илимдер факультети | Мүчө |
| | Доц. м. а., докт. Роза Абдыкулова | Окутуучу | Гуманитардык факультет | Мүчө |
| | Доц. м. а., докт. Юнус Эмре Гүрбүз | Борбордун жетекчиси | Орто Азияны изилдөө борбору | Мүчө |
| | Доц. м. а., докт. Жунус Ганиев | Окутуучу | Экономика жана башкаруу факультети | Мүчө |
| | Докт. Кайрат Белек | Окутуучу | Гуманитардык факультет | Мүчө |
| | Гүнхан Кайхан | Жетекчи | Студенттик иштер башкармалыгы | Мүчө |
| Илимий изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштер боюнча стратегиялык пландоо тобу | Проф., докт. Кадир Ардыч | Мүдүрдүн м.а. | Коомдук илимдер институту | **Координатор** |
| | Проф., докт. Күршад Йылмаз | Окутуучу | Гуманитардык факультет | Мүчө |
| | Проф., докт. Өзгүл Салор Дурна | Окутуучу | Инженерия факультети | Мүчө |
| | Проф., докт. Режаи Доган | Окутуучу | Теология факультети | Мүчө |
| | Доц., докт. Селахаттин Чынар | Окутуучу | Айыл чарба факультети | Мүчө |
| | Доц. м. а., докт. Алпаслан Ашык | Окутуучу | Гуманитардык факультет | Мүчө |
| | Кенже илимий кызматкер Фатих Файдалы | Окутуучу | Экономика жана башкаруу факультети | Мүчө |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Коомго кызмат көрсөтүү боюнча стратегиялык пландоо тобу | Доц., докт. Гүнтекин Шимшек | Окутуучу | Туризм факультети | **Координатор** |
| | Проф., докт. Ясин Бойлу | Декандын м.а. | Туризм факультети | Мүчө |
| | Доц., докт. Кадырбай Чекиров | Окутуучу | Табигый илимдер институту | Мүчө |
| | Доц., докт. Исмаил Эрпер | Окутуучу | Айыл чарба факультети | Мүчө |
| | Доц., докт Наил Карагөз | Окутуучу | Теология факультети | Мүчө |
| | Доц., докт. Мехмет Улуташ | Борбордун жетекчиси | Үзгүлтүксүз билим берүү борбору | Мүчө |
| | Доц. м. а., докт. Махмут Вурал | Мүдүр м.а. | Орто кесиптик колледж | Мүчө |
| | Доц. м. а., докт. Гөкче Йогуртчу | Окутуучу | Коммуникация факультети | Мүчө |
| | Ага окутуучу, докт. Уланбек Алымов | Окутуучу | Салттуу оюндар жана спорт изилдөө борбору | Мүчө |
| | Ага окутуучу Бекир Кабакчы | Окутуучу | Көркөм өнөр факультети | Мүчө |
| | Доц., докт. Октай Өзгүл | Башкы катчы | Башкы катчы | Мүчө |
| | Жейда Тугче Дөнмез | Жетекчи | Стратегиялык пландоо башкармалыгы | Мүчө |
| | Максатбек Ынакбеков | Жетекчи/ Жетекчинин м.а. | Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы/ Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | Мүчө |
| | Азисбек Усубалиев | Жетекчи | Маалыматтык технологиялар башкармалыгы | Мүчө |
| | Докт. Бүлент Намал | Мүдүр | Радио жана телекөрсөтүү мүдүрлүгү | Мүчө |
| Ишкердикти пландоо тобу | Доц., докт. Касым Байнал | Окутуучу | Экономика жана башкаруу факультети | **Координатор** |
| | Доц., докт. Октай Өзгүл | Башкы катчы | Башкы катчы | Мүчө |
| | Жейда Тугче Дөнмез | Жетекчи | Стратегиялык пландоо башкармалыгы | Мүчө |
| | Вехби Башкапан | Жетекчи | Кадрлар башкармалыгы | Мүчө |
| | Максатбек Ынакбеков | Жетекчи | Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы | Мүчө |
| | Гүнхан Кайхан | Жетекчи | Студенттик иштер башкармалыгы | Мүчө |

# 3-БӨЛҮМ. АБАЛДЫ АНАЛИЗДӨӨ

### 3.1. УНИВЕРСИТЕТТИН ТАРЫХЫНАН

Кыргыз-Түрк «Манас» университети 1995-жылдын 30-сентябрында Измир шаарында кол коюлган «Түркия Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында Кыргыз-Түрк «Манас» университетин түзүү тууралуу келишимдин» негизинде ачылып, 1997-1998-окуу жылынан тарта студенттерге билим бере баштаган.

Кийинчирээк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 05-ноябрындагы №764 чечими менен эски аэропорттун аймагынан 85 гектар жер тилкеси 49 жылга Кыргыз-Түрк «Манас» университетине берилген.



Жер тилкеси берилгенден кийин дароо Экономика жана башкаруу факультети менен Коммуникация факультетинин имараттарынын долбоорлору даярдалган. 2002-жылдын 22-майында Экономика жана башкаруу факультети менен Коммуникация факультетинин имараттары курула баштаган.

1997-1998-окуу жылында Табигый-гуманитардык факультетинин түркология жана тарых бөлүмдөрү; Экономика жана башкаруу факультетинин менеджмент бөлүмү; Инженерия факультетинин компьютердик инженерия бөлүмү; Заманбап тилдер жогорку мектеби Түркия түркчөсү-кыргыз түркчөсү даярдоо бөлүмү болуп, жалпы 3 факультет, 4 бөлүм, 1 жогорку мектепте 86 студент бакалавр билимин алган. 89 административдик жана 38 академиялык, жалпысынан 127 кызматкер менен ишмердүүлүгүн жүргүзгөн.

25 жылдык тажрыйбага ээ Кыргыз-Түрк «Манас» университети 2020-2021-окуу жылында 9 факультет, 3 жогорку мектеп, 1 орто кесиптик билим берүүчү жогорку

мектепте 5.828 бакалавр жана орто кесиптик билим берүүчү жогорку мектеп, 2 институтта жалпы 417 ЖОЖдон кийинки билим алып жаткандар менен кошо жалпы 6.245 студент билим алууда. Ал эми 543 академиялык, 322 административдик жана 78 убактылуу келишим менен иштеген административдик кызматкерлерди кошкондо жалпысынан 943 кызматкер эмгектенет. 880 студент бакалавр жана орто кесиптик билим берген жогорку мектепти аяктаган. Институттардын магистратура жана докторантура программаларын 65 студент бүтүргөн. 25 жылдыктын аягында 2020-2021-окуу жылында факультет жана жогорку мектептердин бакалавр жана орто кесиптик билим программаларын жалпысынан 9.486 студент бүтүргөн, институттардын магистратура жана докторантура программаларын 897 студет аяктаган.

2021-2022-окуу жылы Туризм жогорку мектеби Туризм факультети, Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби Спорт илимдери факультети болуп аты өзгөртүлүп, факультеттердин саны 11ге жетти. Салттуу оюн жана спорт изилдөө борбору Салттуу оюн жана спорт изилдөө институту болуп өзгөртүлдү, Евразиянын тарыхын, тилин жана археологиясын изилдөө институту түзүлдү, жалпысынан 4 институт, 6 изилдөө жана тажрыйба жүргүзүү борбору бар.

2021-2022-окуу жылында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде жалпысынан 11 факультетте, 1 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик жогорку мектепте билим берилүүдө. Алардан 5.419 студент бакалавр, орто кесиптик билим алып бүтүрүштү. 4 институтта жалпысынан 425 студент ЖОЖдон кийинки билим алышты. 5.844 студентке 507 академиялык, 309 административдик, 157 убактылуу келишим менен иштеген административдик кызматкерлер, жалпысынан 973 кызматкер кызмат көрсөтүштү.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети жакынкы өлкөлөр жана өзгөчө чет өлкөдөгү бардык жогорку окуу жайлар менен студент алмашуу, орток же кош дипломдуу программалар жана долбоорлор боюнча кызматташууга аракет кылат.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети студенттик жана адистик диапазонунун ар түрдүүлүгүн мындан ары да байытуу максатында ийкемдүү, модулдук жана көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган окуу программаларын иштеп чыгуу аркылуу коомдун жана бизнес дүйнөсүнүн күтүүлөрүн жана керектөөлөрүн канааттандырууну өзүнүн негизги милдети деп эсептейт. Изилдөө жана тажрыйба жүргүзүү борборлорунун санын көбөйтүү, сапатын жакшыртуу, факультеттерде жаңы бөлүмдөрдү ачуу, жер иштетүү жана мал чарбачылык сыяктуу Кыргызстан үчүн абдан маанилүү тармактарга багытталган изилдөөлөрдү жана тажрыйбаларды өнүктүрүү жаатында Кыргызстанга, Орто Азияга

жана илимге көбүрөөк салым кошкон Кыргыз-Түрк «Манас» университети жогоруда саналып өткөн багытта алгылыктуу иш алып барууну улантат.




### 3.2. СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНДЫ БААЛОО

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 2017-2021-жылдарга тиешелүү стратегиялык планы экинчи ирет иштелип чыкты. Иликтөөлөрдөн кийин стратегиялык планда белгиленген милдеттер күтүлгөн деңгээлге жетпегени аныкталды.

2017-2021-жылдардын стратегиялык планын ишке ашыруу учурунда алдыга коюлган максат, милдеттерди аткаруунун кыйындыгы оорчулук жаратты.

152 иш-чаранын олуттуу бөлүгү толугу менен ишке ашырылды же теңи ишке ашырылды. Ал эми кээ бирлери анча-мынча ишке ашырылды деген тыянак чыгарылды. Милдеттердин ишке ашышы 2-таблицада көрсөтүлгөн.

**2-таблица: Милдеттерди ишке ашыруу**

| № | Максат | Милдеттер дин саны | 50%дан ашык ишке ашкан милдеттер | 50%дан азыраак ишке ашкан милдеттер | Ишке ашпай калгандар |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Билим берүүдө эл аралык марка болуу | 4 | 1 | 3 | 0 |
| **2** | Илимий изилдөө иш-чараларынын санын көбөйтүү жана сапатын өстүрүү | 3 | 0 | 2 | 1 |
| **3** | Коомго кызмат кылууга багытталган маалымат жана тажрыйба бөлүшүү кызматташтыктары | 5 | 1 | 4 | 0 |
| **4** | Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин эл аралык популярдуулугун жогорулатуу | 2 | 1 | 1 | 0 |
| **5** | Корпоративдик түзүмдүн өнүгүшүн жана туруктуулугун камсыз кылуу | 5 | 2 | 3 | 0 |
| **Жалпы** | | **19** | **5** | **13** | **1** |

Милдеттердин толугу менен ишке ашпай калышынын негизги себептери:

- Мурун пландаштырылбаган жаңы бакалавр программаларынын ачылышы. Буга чейин билим берип келген бакалавр программаларынын квоталарынын көбөйтүлүшү менен жаңы факультет ачуу.
- 2020-жылдын биринчи чейрегинен бери дүйнөлүк масштабдагы жана 2021-жылдагы COVID-19 пандемиясынан улам пайда болгон чектөөлөрдүн билим берүү жана илимий изилдөөгө тийгизген терс таасири.
- Планды ишке ашырууда 2020-2021-жылдардагы дүйнөлүк масштабдагы экономикадагы жагымсыз өнүгүү процессинин университетке тийгизген терс таасири.

## 3.3. ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК ДОКУМЕНТТЕРДИ АНАЛИЗДӨӨ

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин жоопкерчилик, милдет жана компетенттүүлүккө негизделген ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК ДОКУМЕНТТЕРинде Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин иш-аракетин жөнгө салган Устав жана жол-жоболору камтылган.

2017-2021-жылдардын стратегиялык планын ишке ашыруу учурунда 12 нускама (4 нускаманын Камкорчулар кеңеши тарабынан бекитилүүсү күтүлүүдө), 13 жобо жана

5 жол-жобо күчүнө кирди. 9 нускама, 3 жобо жана 1 жол-жобо кайра каралып чыкты. 2 нускама, 3 жобо жана 1 жол-жобо жокко чыгарылды.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ченемдик-укуктук документтери 35 нускамадан, 40 жободон, 11 жол-жободон, көрсөтмөлөрдөн жана таблицалардан турат. Аталган ченемдик-укуктук документтерди "*https://manas.edu.kg/docs/ktmu-emevzuat-eylul-2021.pdf*" дарегинен тапса болот.

Өзгөчө функциялар "*https://manas.edu.kg/docs/ktmu-emevzuat-eylul-2021.pdf*" дарегиндеги түрдүү нускама жана жоболорго ылайык иштейт.

**3-таблица: Күчүнө кирген ченемдик-укуктук документтер**

| **КҮЧҮНӨ КИРГЕН ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК ДОКУМЕНТТЕР** | | | |
|---|---|---|---|
| **№** | **ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК ДОКУМЕНТТЕРДИН АТАЛЫШЫ** | **КҮЧҮНӨ КИРГЕН ДАТАСЫ** | **ЖЫЛЫ** |
| **1** | **Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча нускама** | *Камкорчулар кеңешинин 2017-жылдын 19-июнундагы №2017-01/2 чечими менен бекитилген.* | **2017** |
| **2** | **Илимий изилдөө иштерине колдоо көрсөтүү боюнча нускама** | *Камкорчулар кеңешинин 2017-жылдын 22-декабрындагы 2017-02/8-номерлүү чечими менен бекитилген.* | |
| **3** | **Чарбалык эсептин негизинде иш жүргүзүүчү түзүмдүн ишмердүүлүгү боюнча нускамасы** | *Камкорчулар кеңешинин 2017-жылдын 22-декабрындагы 2017-02/4-номерлүү чечими менен бекитилген.* | |
| **4** | **Салттуу оюндар жана спорт изилдөө борбору боюнча нускама** | *Камкорчулар кеңешинин 2017-жылдын 22-декабрындагы 2017-02/5 номерлүү чечими менен бекитилген.* | |
| **5** | **ЖОЖдон кийинки билим берүү жана сынак өткөрүү боюнча нускама** | *Бул нускама Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 15-майындагы 2017-09.45 (а)-номерлүү чечими менен кабыл алынган.* | |
| **6** | **Кош диплом программасы боюнча нускама** | *Бул нускама Камкорчулар кеңешинин 2017-жылдын 22-декабрындагы 2017-02/6-номерлүү чечими менен бекитилген.* | |
| **7** | **Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча нускама** | *Бул нускама Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 06-июлундагы 2017-14.65(а)-номерлүү чечими менен кабыл алынган.* | |
| **8** | **Сапат боюнча комиссиясынын иштөө тартиби жөнүндө жол-жобо** | *Бул жол-жобо Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 07-февралындагы 2017-03.21-номерлүү чечими менен кабыл алынган.* | |
| **9** | **Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борбору жөнүндө жобо** | *Бул жобо Кыргыз-Түрк «Манас» университетининин Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 13-ноябрындагы 2017-20.111-номерлүү чечими менен кабыл алынган.* | |
| **10** | **Сынак өткөрүү жөнүндө жобо** | *Бул жобо Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 28-мартындагы 2017-06.32-номерлүү чечими менен кабыл алынган.* | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11 | **Академиялык кызматкерлердин окуу жүгү, саатына акы жана жарым айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкерлерди дайындоо жөнүндө жол-жобо** | *Бул жол-жобо Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 06-июлундагы 2017-14.66-номерлүү чечими менен кабыл алынган жана 2012-жылдын 31-январындагы 2012-2.31-номерлүү, 2012-жылдын 26-сентябрындагы 2012-13.107-номерлүү Окумуштуулар кеңешинин чечимдери күчүн жоготту.* | |
- Эмгек рыногунун керектөөлөрүнө жараша окуу программаларынын жаңыртылбагандыгы;
- Эр аралык деңгээлге чыгуу максаты коюлгандыгына карабастан, студенттердин жана кээ бир академиялык кызматкерлердин чет тилде жакшы сүйлөй албагандыгы;
- Кыргызстанда гастрономия багыты боюнча кесиптик квалификация стандарттарынын иштелип чыкпагандыгы;
- Түркиядан келген студенттердин билим деңгээлинин төмөндүгү;

- Коомдук саламаттыкты сактоо инситуту болбогондуктан, бул багытта интернатура, ординатура жана докторантура программалары боюнча билим берилбегендиги;
- Институттун магистратура жана докторантура программаларында окуу күндүзгү формада болушу (альтернативдик билим берүүнүн жоктугу);
- Аспаптарды даярдоо жана жасоо сыяктуу программалардын жетишсиздиги;
- Сабактарда чет тилдердин аз колдонулушу (М: сабактын англис тилинде өткөрүлбөгөндүгү);
- Адистиги боюнча берилген сабактар чет тилдерде өткөрүлбөгөндүгү (англис тилинде өткөрүлгөн сабактардын жоктугу);
- Тил үйрөтүү даярдоо бөлүмүндө окуу мөөнөтүнүн узарып кетиши;
- Кыргыз жана түрк тилдеринен башка тилде жетиштүү түрдө сабак жана программанын жоктугу;
- Бөлүмдөр арасында программалардын болбогондугу;
- Факультет жана жогорку мектептерде берилген англис жана немец тилдери боюнча сабактардын саатынын жетиштүү санда болбогондугу;
- Кээ бир бөлүмдөрдө жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү (магистратура, докторантура жана ассистентура-стажировка) программаларынын жоктугу;
- Илимий тармагы боюнча эл аралык билим берүү жана илимий изилдөө мекемелери менен кызматташттыктын жетишсиздиги;
- Өнөр жай тармагы менен университетинин ортосундагы кызматташуунун төмөндүгү;
- Алмашуу программаларынан толук пайдаланылбай калышы;
- Жогорку бюджеттик каржылоону талап кылган АБ, IMF дүйнөлүк банк долбоорлорунун жоктугу жана физикалык кемчиликтер;
- Студенттерге долбоорлорду иштеп чыгуу жана илимий изилдөө жүргүзүү боюнча багыт берүүдө мүчүлүштүктөр жана кемчиликтер;
- Чарбалык эсептин жоктугу;
- Билим берүү жана маданият жаатында коомдук жана өкмөттүк эмес уюмдар менен кызматташуудагы кыйынчылыктар;
- Гастрономия жана ресторан иши боюнча билим берүүнү жакшыртуу жаатында долбоорлордун иштелип чыкпагандыгы;
- Өлкөдөгү Теология факультеттери менен кызматташтыктын жоктугу;
- Окуу куралдары жана мезгилдүү басылмаларды алуудагы кыйынчылыктар;
- Гастрономия жана тамак-аш багытында жетиштүү деңгээлде кыргыз тилинде жазылган окуу куралдардын жана булактардын жоктугу;
- Кээ бир жаныбарлардын түрлөрү (М: жылкы, уй, кой, эчки) боюнча жетиштүү деңгээлде клиникалык изилдөөлөрдүн жетишсиздиги;
- Эксперименталдык жаныбарлар бирдигинин жоктугу;
- Окуу-тарбия иштеринде бар болгон маалыматтык технологиялык базанын инфратүзүмүнүн начардыгы;
- Окуу-тарбия жана көркөм чыгармачылык иш-чаралар үчүн зарыл болгон окуу куралдарынын, басылмалардын, китептердин, аудио жана визуалдык материалдардын, музыкалык аспаптардын, костюмдардын, жасалгалардын жана бөлүмдөргө керектүү материалдардын жетишсиздиги;
- Муктаждыкты туудурган көптөгөн керектелүүчү материалдар жана жабдыктардын өлкөдө жоктугу жана чет өлкөдөн алынып келиниши;
- Кампуста коомчулук үчүн пайдалуу жана жашоого ыңгайлуу жайлардын чектелүү болушу;
- Химиялык жана медициналык таштандыларды кабыл алган мекеменин жоктугу;

- Кыргыз тилинде жетиштүү санда окуу куралдарынын жоктугу;
- Концерт жана көрсөтмөлөрдү өткөрүүдө үн-жарык берүү шаймандары менен толук жабдылбагандыгы сахна жана практика жүргүзүү аянттарынын аздыгы;
- Музыка жана театралдык искусство жаатындагы сабактардын практикалык бөлүгү үчүн колдонууга ылайыкташтырылып обочолонгон, үн жана жарык менен жабдылган аянтчалардын жетишсиздиги;
- Лабораториядагы шаймандар, жабдуулар жана техникалар менен иш алып барган техникалык кызматкерлердин жетишсиздиги;
- Төрт тилде иш кагаздарын жүргүзүүдөгү кыйынчылыктар;
- Башкаруу жана маалымат процесстерине катышууда белгилүү окутуучулардын гана топтолушу;
- Ветеринария клиникасынын лицензиясынын болбогондугу.

**Мүмкүнчүлүктөр жана тобокелчиликтер**

---

**МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР**

---

- Кыргызстанда туризм багытында сапаттуу билим берген билим берүү мекемелеринин санынын аздыгы;
- Бүтүрүүчүлөрдүн Кыргызстандан тышкары эл аралык ишканаларда ишке орношуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу (Россия, Дубай, Америка, Түркия, Африка өлкөлөрү ж.б.);
- Кыргызстанда жана түрк дүйнөсүндө да сапаттуу кадрларга (бүтүрүүчүлөргө) болгон муктаждыктын такай өсүшүнөн улам секторлордон келген жогорку суроо-талаптар жана иш менен камсыз болуу мүмкүнчүлүктөрү;
- Бүтүрүүчүлөрдүн факультеттин өкүлү болушу жана мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланышы;
- Театралдык жана музыкалык искусство багыттары боюнча түрдүү ишмердүүлүк, секторду кызыктырган башка кесиптин ээлерин да иш менен камсыз кылуу, клип жана социалдык медиа мүмкүнчүлүктөрү;
- Туризм тармагындагы жогорку тажрыйбалуу менеджерлер аркылуу туризм боюнча билим алган адамдарга ишке орношууда артыкчылык берүү тенденциясынын өсүшү;
- Туризм – Кыргызстандын экономикасында эң олуттуу сектор болушу жана жаңы эл аралык чынжыр мейманканаларынын ачылышы;
- Бишкекте Улуттук консерваториянын, Искусство институтунун (академиянын), Туризм академиясынын, музыкалык жана искусство окуу жайларынын, театрлардын, концерттик залдардын, Кыргыз улуттук филармониясынын, Кыргыз улуттук опера жана балет театрынын, музейлердин, искусство жана көргөзмө залдарынын болушу;
- Студенттер кесиптик практика өтөй турган клиника жана лабораториялардын болушу;
- Кыргызстандын кыргыз жана орус тилдеринин расмий тил статусуна жана көп тилдүү чөйрөгө ээ болушу;
- Кыргызстанда квалификациялуу ветеринарларга болгон муктаждыктын, дыйканчылык жана мал чарбачылыктын кыйла күчтүү болушу;
- Ветеринария факультетинин илимий-практикалык борборунун (клиника) факультеттин кеңири таанылышына кошкон салымы;
- Ветеринария боюнча кеңири иш жүргүзө турган аянтчанын болушу;
- Кыргыз мамлекетинин жана анын элинин ветеринария багытында соңку технологиялык өнүгүүлөргө ачык болушу;
- Улуттук жана эл аралык мекемелердин окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштеринде кеңеш берүү кызматтарына болгон муктаждыгы;

- Университеттерде, мекеме жана уюмдарда түзүлө баштаган профессионалдык салттуу музыка, вокал бөлмөсү, симфониялык оркестрлер;
- Түрк мамлекеттеринин уюмунун негизделиши менен аймактын муктаждыктарында боло турган өзгөрүүлөр;
- Байыркы географиялык аймак болгондуктан тарых, антропология, социология сыяктуу коомдук илимдер багытында кеңири иш жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү;
- Өлкөдөгү жогорку потенциалга ээ органикалык айыл чарба;
- Мамлекет тарабынан туризм тармагына чоң көңүл бурулушу жана бул жаатта эл аралык долбоорлордун санынын көбөйүшү;
- Өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын бай генетикалык ресурстары.

## ТОБОКЕЛЧИЛИКТЕР

- Студенттердин ичинде өзгөчө үй-бүлөлүк, социалдык жана экономикалык себептерден улам академиялык өргүү алгандардын/университеттен өз каалоосу менен кеткендердин жана окууну таштаганга аргасыз болгондордун санынын абдан көп болушу;
- Валюта курсундагы тез өзгөрүүлөрдүн Кыргызстанга башка жактан келген студенттерге жана университетти тандагысы келген чет элдик студенттерге тийгизген терс таасири;
- Кыргыз Республикасынын ЖРТ квотасынын жетишсиздиги;
- Кыргызстанда жалпы орто билим берүүдө сапаттын төмөндөшүнүн жогорку билим берүүдөгү ишмердүүлүккө жана анын натыйжасына тийгизген терс таасири;
- Жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү программаларына кайрылган студенттердин санынын аздыгы;
- Көркөм өнөр багыттарына таланттуу студенттерди тартуудагы көйгөйлөр;
- Чет элдик студенттердин санынын төмөндөшү;
- Жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү программаларында студенттердин аздыгы жана бүтүрүүчү чыкпай жаткандыгы;
- Кыргызстан жана Түркиядан башка өлкөлөрдөн академиялык кызматкерлерди жумушка алуудагы кыйынчылыктар;
- Изилдөөлөргө жана эл аралык иш-чараларга колдоо көрсөтө турган улуттук, эл аралык, көркөм өнөр уюмдарынын жана кесиптик мекемелердин ишмердүүлүккө жеткиликтүү тартылбагандыгы жана экономикалык көйгөйлөр;
- Туризм секторунун улуттук жана эл аралык кыйынчылыктарга тез дуушар болушу жана иш менен камсыз кылууга терс таасир тийгизиши;
- КР Билим берүү жана илим министрлигинин бакалавр программаларына талап кылган милдеттүү сабактардан улам көркөм өнөр факультеттери үчүн зарыл болгон практикалык сабактардын чектелип калышы;
- Бишкек шаарында жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн окуу жайлардын санынын көптүгү;
- Аймакта университеттердин санынын көбөйүшү менен университеттер арасындагы атаандаштыктын күч алышы;
- Кыргыз мамлекеттик консерваториясынын Көркөм өнөр факультетине терс көз карашы жана атаандаштыкты кабыл албагандыгы;
- Студенттер окуусун аяктагандан кийин, маянанын аздыгына байланыштуу мамлекеттик мекемелерде иштегиси келбегендиги;
- Туризм багыты боюнча билим алып жаткан студенттер окууну аяктагандан кийин чет өлкөгө барып, эмгек мигранты болуп иштөөнү ойлогону;
- Орто Азиядагы жана Кыргызстандагы саясий туруксуздук;
- Жогорку билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө эртеңки күндүн белгисиздиги жана эки өлкөнүн стандарттарын шайкеш келтирүү боюнча көйгөйлөр.

# 4-БӨЛҮМ. КЕЛЕЧЕККЕ КӨЗ-КАРАШ

## 4.1. МИССИЯ

Университеттин миссиясы— заманбап билим берүү системасынын жардамы менен түрк дүйнөсүнүн жаш муундарын аң-сезимдүү, өзүнө ишенген, жоопкерчиликтүү инсан катары тарбиялап өстүрүү. Окуу жайда өз маданий баалуулуктарын сактаган, ар тараптуулукка умтулган, инсан катары калыптанган, түрк дүйнөсү менен дүйнөлүк илимге өз салымын кошо алган, жаңы маданиятты курууну кыялданган жаш муундарды даярдоого артыкчылык берилет. Университет академиялык кызматкерлеринин жана студенттеринин катышуусунда түрк тилдүү мамлекеттер менен тил, илим, билим, тарых, адабият, маданият, көркөм өнөр, экономика жана спорт жаатында кызматташууну өнүктүрүүнү, ошондой эле инсандык баалуулуктарды калыптандырып, универсалдуулукка умтулат.

## 4.2. КОНЦЕПЦИЯ

Түрк дүйнөсүнүн эзелтен берки тажрыйбаларына таянган, абройлуу, эл аралык аренада өзүн тааныткан, окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштери боюнча бай тажрыйбага ээ, түрк цивилизациясына салым кошо ала турган эл аралык деңгээлде абройлуу,  жаратман жана дүйнөгө таанылган алдыңкы университет болуу окуу жайыбыздын негизги максаттары болуп саналат. Университеттин концепциясы – заманбап, демилгелүү, жаңычыл, өзгөрүүгө жана өнүгүүгө ачык, региондо алдыңкы катардагы окуу жай болуу. Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин 21-кылымдагы негизги максаттарынын бири – жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо аркылуу Кыргызстандын экономикасына салым кошуу.

## 4.3. НЕГИЗГИ БААЛУУЛУКТАР

- Дүйнөлүк илимий булактарга жана дүйнөдөгү билим берүү жаатындагы алмашуу жана бөлүшүү иш-чараларына салым кошуу;
- Түрк цивилизациясынын өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүү;
- Новатордук жана заманбаптык;
- Коом алдында жоопкерчилик;
- Тынымсыз өнүгүү.




**4-сүрөт: Академиялык түзүмдөр**

# 5-БӨЛҮМ. БАШКАЛАРДАН АЙЫРМАЛАНУУ СТРАТЕГИЯСЫ

# БАШКАЛАРДАН АЙЫРМАЛАНУУ СТРАТЕГИЯСЫ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети 1995-жылы негизделгенден тарта студентке ар тараптан кам көрүү аркылуу билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүп, илимий изилдөөлөргө багытталган университет катары Кыргызстан жана жакынкы аймактарга салым кошо турган маанилүү иш-чараларды жүргүзүп жатат. Университет Кыргызстанда басылып чыккан илимий басылмалар жана жүргүзүлгөн изилдөөлөр боюнча эң алдыңкы катардан орун алып, акысыз жана бардыгына бирдей сапаттуу билим берүү концепциясы менен өз өлкөсүнө олуттуу салым кошуп келет. Университеттин бул бараандуу ишмердүүлүгү өлкөдөгү университеттер дүйнөсүндөгү атаандаштыкта узак убакыт бою биринчи орундарга ээ болушун камсыздап, баштаган кадамдарын алдыга чечкиндүү түрдө шилтешине дем берет.

Бирок маалым болгондой, 1995-жылдан тарта бүткүл дүйнөдөгү илимий, экономикалык, технологиялык жана социологиялык өнүгүүлөр менен бирге бардык мамлекеттер өзгөрүүгө дуушар болуп турган чакта Кыргызстандын муктаждыктары жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинен күтүүлөрү да өзгөрүүгө учурады. Бул мезгилдин аралыгында Кыргызстанда көптөгөн жаңы университеттер ачылып, университеттер дүйнөсүндөгү атаандаштыкка кошулду. Бул биринчи кезекте Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин миссиясын орундатуу жаатындагы билим берүү ишмердүүлүгү, башка бардык университеттердин өзгөчө багыт алышына түркү болду. Университет эки тараптуу кызматташтыктын негизинде, ийгиликтүү ишмердүүлүгүн мындан ары улантуу максатында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 2022-2026-жылдарды камтыган стратегиялык планынын алкагында өзгөчө болуу жаатындагы ишмердүүлүк багыттарын аныктады. Мындан тышкары 2021-жылдын 12-ноябрында Стамбулда өткөн Түрк мамлекеттери уюмунун VIII саммитинде жарыяланган билдирүүгө назар салсак, аталган саммиттин жыйынтыгы дүйнөлүк масштабда ой жүгүртүү керектигин көрсөттү.

Университеттердин өзгөчө багыттарда ишмердүүлүк жүргүзүү стратегиясын аныктай турган изилдөө темалары – билим берүү жаатында көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү берүү жана социалдык инновациялар жана ишкердик аркылуу бир гана коммерциялык эмес, ошол эле учурда коомго салым кошкон ишкердик экотутумун түзүү сыяктуу маселелерди өзүнө камтышы керек. Белгилүү болгондой, кээ бир булактардын негизинде, билим берүү, илимий изилдөө жана ишкердик багыттары боюнча университеттерди классификациялоого болот. Университет билим берүүсү, илимий

изилдөөлөрү, өлкөгө тартуулаган мүмкүнчүлүктөрү менен өзгөчө статуска ээ болуп, аталган багыттарда жеткен бийиктигин ар дайым сактап келет. Билим берүү жана илимий изилдөөлөр жаатында эң алдыңкы саптарды ээлеген ордун туруктуу кармап туруу үчүн билим берүү жана илимий изилдөө жаатындагы ийгиликтерин ишкердик чөйрөдө тааныттуу абдан маанилүү жана зарыл иш-чара болуп эсептелет.

Азыркы тапта университеттер бир гана окуу жай болбостон, ошол эле учурда маалымат экономикасынын кыймылдаткыч күчү болгон ишкерлерди даярдап, ар кыл илим жана индустрия багытында изилдөө жана өнүктүрүү иштерин жүргүзүп, start-up сыяктуу уюмдар менен баштапкы ишкердүүлүктү жүргүзө алган экотутум боло алат. Бул иштердин негизинде теориялык билим менен практиканы айкалыштырууга жакшы шарт түзгөн учурда, студенттердин ишкер болушуна олуттуу салым кошууга болот. Мындан тышкары өлкөдөн жана чет мамлекеттерден келишкен окутуучулар менен студенттердин ортосундагы байланыш аркылуу ишкердикке жөндөмдүү студенттерге эл аралык ишкердик боюнча билим алуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Айрыкча академиялык окуу программаларынын мазмуну академиялык багытка ылайык түзүлгөндүгүн эске алуу менен англис, орус же немис тилдеринин окуу программаларга киргизилиши эл аралык профессордук-окутуучулук курам менен студенттердин алмашуу программаларын жүргүзүүгө жол ачат жана бул аркылуу университеттин эл аралык байланыштары күч алат.

COVID-19 пандемиясынан улам, бүткүл дүйнөдө эки негизги маселе белгилүү болду. Биринчиси – экологиялык туруктуулук, ал эми экинчиси - ден соолук. Экологиялык туруктуулук жана университетте окутулуп жаткан ишкердик боюнча билимдин Кыргызстандын туруктуу өнүгүү максаттарына шайкеш келтирилиши өлкөнүн үзгүлтүксүз өнүгүү процессинде маанилүү иш болуп саналат. Айрыкча пандемия учурунда саламаттыкты сактоо тармагында улуттук стандарттардын иштелип чыгышы жана элге арзан баада сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүү абдан чоң мааниге ээ болду.

Жогоруда айтылган жетишкендиктердин жыйынтыгында университет бул стратегиялык планды иштеп чыгуу учурунда экологиялык туруктуулукту тутунган, мамлекеттин жүзү – калк экендигин кабыл алган жана бир гана кирешени эмес, жоопкерчиликтүү инновацияларды ишке ашырууну көздөгөн ишкерлерди даярдоо максатын койгон. Бул максаттар 5-схемада көрсөтүлдү.




**5--сүрөт. Стратегиялык пландоо мезгилинде башкалардан айырмалануу миссиясы – 2022-2026-ж.ж.**

5-схемада берилген маалыматка ылайык, университеттин жаңы стратегиялык планын иштеп чыгуу учурунда ишмердүүлүктөгү өзгөчө багыттарды белгилөө менен атаандаштыкта эң алдыңкы катарларда болуу мүмкүнчүлүгүн арттырууга жана жогоруда айтылган максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкү темаларга басым жасалды. Жаңы доордо университет:

Бардык иш-чараларында регионалдык жана дүйнөлүк деңгээлге чыгууга багыт алуу;

Азыркы заманда өз чөлкөмүндө саламаттыкты сактоо тармагында иштей турган адистерди даярдоо;

Билим берүүдө жана инвестиция жумшоодо экологиялык туруктуулукту сактоого жана табиятка аяр мамиле кылууга басым жасоо;

Эл аралык долбоорлорду иштеп чыгуу менен университетте бул жаатта иш алып баруу түшүнүгүн орнотуу;

Ишкердик экотутумду түзүү максатын ишке ашырууда коммерциялык жана социалдык долбоорлорду жүзөгө ашырган университет болуу.

Университеттин башкалардан айырмалануу максаттарына ылайык, студенттер менен бирдикте университеттин Ч. Айтматов атындагы кампусунда бак-дарак өстүрүүнү, жашылдандырууну, биринчи кезекте экологиялык туруктуулукту камсыз кылууну, жашыл кампус куруу жаатында жаңычыл мамиле жасоону, таштандыларды

чыгарууну жөнгө салууну жана (кампус боюнча) көмүртексиз иш-чараларды арбын жүргүзүүнү көздөйт. Муну менен бирге 2022-жылдан тарта университет айлана-чөйрөгө кылдат мамиле жасоо менен инвестицияларды курулуш жаатына жумшап, учурдагы имараттардын энергия натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча пландарды иштеп чыгышы керек. Бардык окуу программаларына коом алдында жоопкерчилик жана айлана-чөйрөгө кылдат мамиле жасоо темаларын прикладдык сабактардын мазмунуна киргизүү менен студенттердин айлана-чөйрөнү коргоо боюнча билимин кеңейтүүгө болот.

Университеттин Ден соолук борборунун ишмердүүлүгүн Кыргызстандын саламаттыкты сактоо тутумуна интеграциялап, эл аралык стандарттарга шайкеш медициналык кызматкерлерди даярдоо аркылуу коомдук саламаттыкты сактоо жаатында иш-чараларды жүргүзө алат. Бул жааттан алганда, аккредиттацияланган мекемеде Медицина факультетинин ачылышы жана коомдук саламаттыкты сактоонун эң маанилүү компоненти болгон дарыгерлердин даярдалышы, салымы эбегейсиз чоң иш болуп эсептелет. Мындан сырткары өлкөгө өзгөчө керектүү биомедициналык материалдарды изилдөө боюнча улуттук жана эл аралык кызматташтык аркылуу ишкерлер чөйрөсүн түзүп, бул жааттагы демилгелердин өрчүшүнө тийиштүү чараларды көрөт. Бирок саламаттыкты сактоо бул бир экотутум жана бардык компоненттери комплекстүү түрдө каралышы керек. Ошол себептен саламаттыкты сактоо кызматтары үчүн жардамчы кызматкерлердин даярдалышы абдан маанилүү.

Дүйнөнүн маалымат экономикасына өтүшү менен эл ичинде ишкердик маалымат экономикасынын кыймылдаткычы катары кабыл алынып калды. Демек, учурдагы экономикада жыргалчылыкты жогорулатуу жана улуттук өсүштү ишке ашыруу өлкөдө ишкердик экотутумду түзүү аркылуу гана ишке ашары маалым болду. Ушул себептен улам студенттерге идеяларды ишке ашыра турган чөйрөнү камсыз кылуу жана студенттерди «кыялдагысын жасоого» шык бере тургандай мүнөздө окуу программаларын ревизиялоо иши олутуу мааниге ээ. Муну менен бирге университеттин ишкерлик жаатындагы иш-чараларын жүзөгө ашыруу үчүн өнөр жай тармактары менен тыгыз байланыш түзүп, кызматташтыкты андан ары өнүктүрүү зарыл. Аталган ишкерлик чөйрөсүн түзүү жаатындагы иш-чаралар университетте эмгектенип жаткан кызматкерлердин жана тийиштүү окутуучулук курамдын катышуусунда ишке ашырылышы, өлкөдө ишкердик экотутумду түзүүдө барандуу салым кошо алат. Ишкердик экотутумун өнүктүрүү жаатында изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшү жана

университетте эл аралык иш-чаралардын өткөрүлүшү улуттук аң-сезимди жана университеттин ишмердүүлүгүн жогорулатат. Бирок ал бир гана коммерциялык жана технологиялык ишкердик катары кабыл алынбастан, коомдук ишкердикти да эске алуу менен жүргүзүлүшү абзел. Коомдук ишкердик иш-чараларын жүргүзүү үчүн университетте студенттердин кызыкчылыктарына жана талаптарына багытталган практикага артыкчылык берилиши керек. Бул жол аркылуу студенттердин жоопкерчиликтүү инновация жана эмпатия жөндөмдөрү калыптанат жана коомго жоопкерчиликтүү инсан катары кошулушун камсыздайт.

Жогоруда белгиленген иш-чаралардын долбоор иретинде ишке ашырылышы эл аралык деңгээлге чыгуу максаты менен айкалыштырылып жүргүзүлүшү, аны жүзөгө ашырууда бардык окуу-тарбиялык, илимий-изилдөө иштери коомго салым кошкондой жана ишкердик менен байланыштуу болушу чоң мааниге ээ. Айрыкча аталган иш-чаралардын алкагында Түркиядан башка мамлекеттер менен да долбоорлор боюнча иш алып баруу максатында профессордук-окутуучулук курам менен алмашуу программаларын жүргүзүү университеттин эл аралык аренага чыгуусуна барандуу салым кошот. Ушундан улам университеттер аралык протоколдордон тышкары, бул жаатта ийгиликке жетишүү үчүн факультет/жогорку мектеп жана фонд тарабынан колдоого алынган, иш жүзүндө колдонула турган алмашуу программаларына басым жасоо зарыл. Кыргызстанда филиалдары болгон эл аралык уюмдар менен биргеликте иш алып баруу жана орток долбоорлорду ишке ашыруу менен өлкөбүзгө кызмат кылуу университеттин негизги критерийлерине кирет.

Жаңы стратегиялык планды ишке ашыруу төмөндө көрсөтүлгөн этаптар боюнча аткарылат:

- Медицина факультетин ачуу;
- Эл аралык юриспруденция багыты боюнча магистратура жана докторантура программаларын ачуу;
- Юриспруденция факультетин ачуу;
- Учурдун талабына ылайык университеттин ченемдик укуктук документтерин ревизиялоо; учурга ылайык мекеменин мыйзамдарын кайра карап чыгуу;
- Коомдук саламаттыкты сактоо факультетин ачуу.

## НЕГИЗГИ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫ ТАНДОО

Кыргыз-Түрк "Манас" университети 1995-жылдан тарта азыркы кезге чейин Кыргызстанда жүргүзгөн окуу-тарбиялык иш-чаралары, илимий изилдөөлөрү менен экотутумга барандуу салым кошуп, Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын орток демилгелери менен түзүлгөн өзгөчө статуска ээ эл аралык университет катары топтогон чейрек кылымдык тажрыйбасы менен 11 факультет, 4 институт, 1 жогорку мектеп, 6 илимий изилдөө жана тажрыйба конструктордук иштерди жүргүзүү борборлору менен тынымсыз өнүгүүсүн улантып жатат. Университет ишмердүүлүгүндө компетенциялардан негизги 5 багытты тандап алды. Алар төмөндөгүдөй:

- ***Эл аралык деңгээлде таанылуу жана кызматташтыктар:*** Университет 13 чет өлкөдөн студенттерди кабыл алган, Кыргыз Республикасынан жана Түркия Республикасынан профессордук-окутуучулук курам эмгектенген эл аралык университет болуп саналат. QS рейтингиндеги жогорку көрсөткүчү эл аралык деңгээлдеги абройлуу жана белгилүү университет экендигин айгинелеп турат. Муну менен бирге Кыргызстандагы эл аралык уюмдар менен кызматташтыктар бул багытта маанилүү көрсөткүч болуп саналат. Университет Кыргызстандын туруктуу өнүгүү жаатындагы алдыга койгон максаттарына салым кошуу иретинде 2021-жылы Times Higher Education (THE) Impact рейтингине катышуусу менен чечкиндүү кадам шилтеди.
- ***Эл аралык деңгээлдеги илимий изилдөөлөр:*** Университетте эмгектенген окутуучулук курамдын мүчөлөрүнүн Кыргызстандын атынан Web of Science индекстүү таасирдүү журналдарда жарыялагандары 15%ды түзөт.  Бул көрсөткүч менен Кыргыз-Түрк "Манас" уинверситети Саламаттыкты сактоо министрлигинен кийинки 2-орунду ээлеп келет. Айрыкча окутуучулук курамдын арасында Stanford университетинин координаторлугунда кадыр-барктуу топ тарабынан жүргүзүлгөн изилдөө менен аныкталган жана таанымал "Plos Biology" илимий журналында жарыяланган "Дүйнөнүн эң таасирдүү илимпоздору" тизмесине кирген академиктер да бар. Бул багыттагы иш-чаралар, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жагынан алганда университеттин академиялык штаты сапаттуу компетенттүүлүккө ээ экендигин тастыктайт.
- ***Эл аралык стандарттарга ылайык сапаттуу билим берүү:*** Университет Кыргызстанда акысыз билим берген жападан жалгыз университет болуп саналат. Айрыкча Түркияда жана Кыргызстанда дипломдору таанылып, ошондой эле эки өлкөнүн димломдорун тааныган башка өлкөлөрдүн стандарттарына ылайык келген мамлекеттик

жана эл аралык үлгүдөгү диплом берилет. Университетте колдонулган окуу программалары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан аккредитацияланып, Болонья процессинин стандарттарына шайкеш даярдалган. Жаңы план боюнча практикалык иштерге жана антропологиялык изилдөөлөргө басым жасап, Кыргызстандын талаптарына жараша адистерди даярдап, өлкөнүн экономикасына салым кошуу жаатында иш-чаралар жүргүзүлөт. Айрыкча Мевляна, Орхон, Эрасмус+ алмашуу программалары боюнча көптөгөн университеттер менен жолугушууларды өткөрүүдө. Эрасмус+ программасынын алкагында Европа биримдигине кирген мамлекеттерде эркин жүрүү жана кызматташтык долбоорлорду иштеп чыгуу боюнча маанилүү кадамдар жасалды.

- *Туруктуу өнүгүү жаатындагы максаттар:* Университет Кыргызстанда көп жылдардан бери келе жаткан энергетикалык кризиске жооп иретинде бардык инвестицияларын кайра жаралуучу энергияга, биоартүрдүүлүктү жогорулатууга жана жашыл кампусту түзүүгө багыттады. Мындан тышкары студенттердин арасында өткөрүлгөн конкурстарда кампустагы көйгөйлөрдү туруктуу чечүү жаатында идеяларды жаратуу боюнча маалымдуулукту жогорулатуу аракетин жасады. Айрыкча туруктуу ишкердикти өнүктүрүү багытында университеттин жетекчилиги окуу программаларын ревизиялоо чечимин кабыл алып, бул жаатта чечкиндүү иш жүргүзүлөөрүнө ар дайым басым жасап келет.
- *Санарип университет*: Университетте учурдун талабына ылайык студенттердин бардык муктаждыктарына жооп бере турган заманбап физикалык, техникалык жана технологиялык инфраструктура түзүлгөн. Соңку технологиялар менен жабдылган материалдык-техникалык базанын негизинде курулган билим берүү жана илимий изилдөө лабораториялары, радио жана телестудиялар, санарипке негизделген окуу жана окутуу борборлору, акылдуу класстар, жыйын жана конференц-залдар, жогорку ылдамдыктагы зымдуу жана зымсыз интернет байланыштары бар. Бул санарип түзүлүш, коюлган максаттарга ылайык технологиялык трансферлер менен бекемделет.

# 6-БӨЛҮМ. СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНДОО

## СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР

## 19-таблица: Максат менен бирдиктин мамилеси

-

| | Ректорат | Телерадио бөлүмү | Долбоорду координациялоо башкармалызы | Эл аралык байланыштар бюросу | Технологияларды өткөрүп берүү кеңсеси | Башкы катчылык | Гуманитардык факультет | Табигый илимдер факультети | Көркөм өнөр факультети | Экономика жана башкаруу факультети | Теология факультети | Коммуникация факультети | Инженерия факультети | Дене тарбия жана спорт факультети | Туризм факультети | Ветеринария факультети | Айыл чарба факультети | Чет тилдер жогорку мектеби | Орто кесиптик колледж | Табигый илимдер институту | Коомдук илимдер институту | Евразиянын тилдерин, тарыхын жана археологиясы | Салттуу оюндар жана спорт изилдөө институту | Маалыматтык технологиялар башкармалыгы | Китепкана жана маалымат башкармалыгы | Студенттик иштер башкармалыгы | Кадрлар башкармалыгы | Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | Стратегиялык пландоо башкармалыгы | Курулуш иштери башкармалыгы | Биотехнология жана био ар түрдүүлүктү изилдө | Орто Азияны изилдөө борбору | Өлчөө, тандоо жана жайгаштыруу борбору | Үзгүлтүксүз билим берүү борбору | Түрк цивилизациясын изилдөө борбору | Дистанттык билим берүү борбору |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| H.1.1. Жаңы, кош жана кошумча окуу программаларын ачуу аркылуу университетти тандоонун коэффициентин жогорулатуу | S | | | | | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| H.1.2. ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча окуган студенттердин санын көбөйтүү | | | | | | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | S | S | S | S | | | | | | | | | | | | | |
| H.1.3. Үзгүлтүксүз билим берүүнү күчтөндүрүү аркылуу өмүр бою билим берүү | | | | | | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | | | | | | | i | i | i | S | i | i |
| H.1.4. Жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кардрлардын санын көбөйтүү | S | | | i | | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | | | | | | | | | | | | |
| H.1.5. Эл аралык студенттер жана окутуучулар менен алмашуу программаларын шыктандыруу | | | | S | | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | | i | | | | | | | | | | |
| H.2.1. Сапаттуу басылмалардын, илим жана көркөм өнөр жаатындагы иш-чаралардын санын көбөйтүү | S | | | | i | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | i | | | | | | i | i | i | i | i | i |
| H.2.2. Илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерди өнүктүрүү жана изилдөөчүлөрдүн компетентүүлүгүн жогорулатуу | S | | i | | | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | | | i | | | | i | i | i | i | i | i |
| H.2.3. Түрк дүйнөсүнө байланыштуу эл аралык жана улуттук илимий изилдөөлөрдүн, долбоорлордун жана кызматташтыктардын санын көбөйтүү. | | | S | | | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | | | | | | | i | i | i | i | i | i |
| H.3.1. Максатка жана натыйжалуулукка багытталган инкубациялык жана акселератордук борборлорду ачуу | | | i | | S | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | | | | | | | i | i | i | i | i | i |
| H.3.2. Бизнести ачуу жана жүргүзүү боюнча ишкерлердин билимин жана көндүмдөрүн өркүндөтүү | | | i | | S | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | i | | | | | | i | i | i | i | i | i |
| H.3.3. Ишкердикти колдой турган материалдык-техникалык базаны чыңдоо | | | | | S | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | | i | | | | | i | i | i | i | i | i |
| H.3.4. Саламаттыкты сактоо, технологиялык жана социалдык инновация жаатындагы демилгелерди күчөтүү | | | i | | S | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | i | | | | | | i | i | i | i | i | i |
| H.3.5. Университетте ишкердикти жана инновациялык маданиятты өнүктүрүү боюнча иш-чараларды көбөйтүү | | | i | | S | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | | | | | | | i | i | i | i | i | i |
| H.4.1. Өнөктөштөр менен уюштурулган социалдык иш-чаралардын жана көрсөтүлгөн кызматтардык санын жана сапатын жогорулатуу, кызматташуу механизмдерин иштеп чыгуу | S | | | | | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | | | | i | | | i | i | i | i | i | i |
| H.4.2. Калктын жашоо сапатын жогорулатуу үчүн университет тарабынан уюштурулган (аймактык, улуттук жана эл аралык) көркөм өнөр, маданий жана башка иш-чаралардын санын көбөйтүү | | i | | i | | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | | | | S | | | i | i | i | i | i | i |
| H.4.3. Түрк дүйнөсүнүн орток маданияты жаатында жеке жана мамлекеттик уюмдар менен кызматташуу аркылуу коомдун муктаждыктарына жооп берүү | S | | | | | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | | | | | | | | i | i | i | i | i | i |
| H.4.4. Коомго кызмат көрсөтүү максатында жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар жөнүндө коомдун маалымдуулук деңгээлин жогорулатуу жана эл аралык байланыштар тармагын өнүктүрүү. | S | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i | i |

# СТРАТЕГИЯЛАР/ ИШ-ЧАРАЛАР ЖАНА ДОЛБООРЛОР/ НАТЫЙЖАЛУУЛУКТУН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

# КӨРСӨТКҮЧТӨРДҮН КАРТАЛАРЫ

**1-Көрсөткүчтөрдүн картасы: A1H1.1**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Максаты | A.1. Түрк дүйнөсүндө инсанга багытталган окутуу модели аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана эң тандалма университет болуу | | | | | | | | |
| Милдети | Н.1.1. Жаңы, кош жана кошумча окуу программаларын ачуу аркылуу университетти тандоонун коэффициентин жогорулатуу | | | | | | | | |
| Жооптуу түзүм | Ректорат | | | | | | | | |
| Кызматташа турган түзүмдөр | Факультет, жогорку мектеп, орто кесиптик колледж, студенттик иштер башкармалыгы | | | | | | | | |
| Натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү | Милдетке тийгизген таасири | Натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | Натыйжаларды көзөмөлдөө тартиби | Отчетту берүү тартиби |
| PG 1.1.1. Сектордун суроо-талаптарын эске алуу менен жаңы бөлүмдөрдү/ программаларды ачуу (кумулятивдик) | 0.2 | 0 | 0 | 3 | 4 | 4 | 4 | Жылда бир жолу | Жылда бир жолу |
| PG 1.1.2. Практикадан ийгиликтүү өткөн студенттердин саны | 0.1 | 1.518 | 1.530 | 1.550 | 1.570 | 1.600 | 1.650 | Жылда бир жолу | Жылда бир жолу |
| PG 1.1.3. Окууну аяктагандан кийин өз адистиги боюнча жумушка орношуу коэффициенти (%) | 0.2 | 41 | 45 | 50 | 55 | 55 | 55 | Жылда бир жолу | Жылда бир жолу |
| PG 1.1.4 Медицина факультетин ачуу | 0.4 | - | 1 | - | - | - | - | Жылда бир жолу | Жылда бир жолу |
| Тобокелдиктер | • Колдо бар кош жана кошумча окуу программаларынын ишке ашырылбашы<br>• Студенттердин үйрөнүүнү каалабастыгы | | | | | | | | |
| Стратегиялар | • Кураторлор менен кызматташуу аркылуу студенттерди шыктандыруу<br>• Кош жана кошумча окуу программалары боюнча билим алган студенттердин стипендия өлчөмүн жогорулатуу | | | | | | | | |
| Аныкталган жагдайлар | • Кош жана кошумча окуу программалары боюнча окуган студенттердин саны аз.<br>• Рынок шарттары ар кандай болгон бөлүмдөр/ программалар милдеттүү болгону менен университетте рынок шарттарына жараша ачылган программалардын саны чектелүү | | | | | | | | |
| Сунуштар | • Рынокту изилдөө<br>• Кыргызстандагы жана Түркиядагы мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын колдоо көрсөтүүсү<br>• Өнөр жай тармагындагылар жана ишкерлер менен диалогдорду өнүктүрүү<br>• Билим берүү комиссиясынын колдоо көрсөтүүсү | | | | | | | | |

**2-Көрсөткүчтөрдүн картасы: A1H1.2**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Максаты | А.1. Түрк дүйнөсүндө инсанга багытталган окутуу модели аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана эң тандалма университет болуу | | | | | | | | |
| Милдети | Н.1.2. ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча окуган студенттердин санын көбөйтүү | | | | | | | | |
| Жоопту түзүм | Институттар | | | | | | | | |
| Кызматташа турган түзүмдөр | Академиялык түзүмдөр | | | | | | | | |
| Натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү | Милдетке тийгизген таасири | Пландоо мезгилинин баштапкы көрсөткүчү | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | Натыйжаларды көзөмөлдөө тартиби | Отчетту берүү тартиби |
| PG 1.2.1. Кыргызча жана түркчө окутуу тилдеринен тышкары чет тилде жүзөгө ашырылган ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларынын саны | 0.25 | 3 | 3 | 5 | 5 | 7 | 9 | Жылда бир жолу | Жылда бир жолу |
| PG 1.2.2. “Манас” университетинин бүтүрүүчүлөрүнөн сырткары ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларын тандаган студенттердин саны | 0.25 | 50 | 50 | 50 | 55 | 60 | 60 | Жылда бир жолу | Жылда бир жолу |
| PG 1.2.3. ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча окуган студенттердин санынын университеттин студенттеринин жалпы санына карата катышы (%) | 0.25 | 8 | 8 | 8 | 8 | 9 | 10 | Жылда бир жолу | Жылда бир жолу |
| PG 1.2.4. Онлайн (аралыктан окутуу) түрүндөгү ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларынын саны | 0.25 | 0 | 3 | 4 | 4 | 4 | 5 | Жылда бир жолу | Жылда бир жолу |
| Тобокелдиктер | • Студенттердин жана кызматкерлердин чет тилин (англис тили) билүү деңгээлинин төмөндүгү | | | | | | | | |
| Стратегиялар | • Англис тилин окутуу боюнча даярдоо программасын иштеп чыгуу<br>• Орус жана англис тилдеринде сабак окута турган окутуучулардын санын көбөйтүү | | | | | | | | |
| Аныкталган жагдайлар | • Англис тилинде сабак окута турган окутуучулардын саны жетишсиз<br>• Студенттердин англис тилин билүү деңгээли начар<br>• Студенттер иштеп баштаганына байланыштуу негизинен аралыктан же (кечки) сырттан окуу формасына өтүүнү каалашат. | | | | | | | | |
| Сунуштар | • Англис тилин окутууда даярдык программасын эне тили англис тили болгон окутуучулар менен камсыздоо<br>• Онлайн (аралыктан окутуу) түрүндөгү ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларын ачуу | | | | | | | | |

**3-Көрсөткүчтөрдүн картасы: A1H1.3**

<table>
<tr><td>Максаты</td><td colspan="10">А.1. Түрк дүйнөсүндө инсанга багытталган окутуу модели аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана эң тандалма университет болуу</td></tr>
<tr><td>Милдети</td><td colspan="10">Н.1.3. Үзгүлтүксүз билим берүүнү күчтөндүрүү аркылуу өмүр бою билим берүү</td></tr>
<tr><td>Жооптуу түзүм</td><td colspan="10">Үзгүлтүксүз билим берүү борбору</td></tr>
<tr><td>Кызматташа турган түзүмдөр</td><td colspan="10">Академиялык түзүмдөр</td></tr>
<tr><td>Натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү</td><td>Милдетке тийгизген таасири</td><td>Пландоо мезгилинин баштапкы көрсөткүчү</td><td>2022</td><td>2023</td><td>2024</td><td>2025</td><td>2026</td><td>Натыйжаларды көзөмөлдөө тартиби</td><td>Отчетту берүү тартиби</td></tr>
<tr><td>PG 1.3.1. Үзгүлтүксүз билим берүү программаларына катышкан студенттердин саны</td><td>0.4</td><td>12</td><td>40</td><td>60</td><td>90</td><td>115</td><td>150</td><td>Жылда бир жолу</td><td>Жылда бир жолу</td></tr>
<tr><td>PG 1.3.2. Үзгүлтүксүз билим берүү борбору тарабынан уюштурулган окуу курстарынын саны</td><td>0.3</td><td>2</td><td>10</td><td>12</td><td>15</td><td>20</td><td>25</td><td>Жылда бир жолу</td><td>Жылда бир жолу</td></tr>
<tr><td>PG 1.3.3. Конгресс, конференция, квалификацияны жогорулатуу курстары сыяктуу уюштурулган иш-чаралардын саны</td><td>0.3</td><td>0</td><td>3</td><td>4</td><td>4</td><td>5</td><td>6</td><td>Жылда бир жолу</td><td>Жылда бир жолу</td></tr>
<tr><td>Тобокелдиктер</td><td colspan="10">• Жарнама жана таанытуу иш-чараларынын жетишээрлик жүргүзүлбөгөнү</td></tr>
<tr><td>Стратегиялар</td><td colspan="10">• Үзгүлтүксүз билим берүүнүн алкагында окуу-тарбия иштеринин эффективдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу<br>• Таанытуу иш-чараларын жүргүзүү</td></tr>
<tr><td>Аныкталган жагдайлар</td><td colspan="10">• Улуттук жана эл аралык кызматташтыкты ишке ашыруу дарамети бар</td></tr>
<tr><td>Сунуштар</td><td colspan="10">• Үзгүлтүксүз билим берүү борборун көбүрөөк таанытуу<br>• Талаптарга ылайык билим берүү программаларын жаңыртуу жана алардын ар түрдүүлүгүн жогорулатуу<br>• Жеке жана мамлекеттик мекемелер менен кызматташтыкты арттыруу</td></tr>
</table>

**4-Көрсөткүчтөрдүн картасы: A1H1.4**

| Максаты | А.1. Түрк дүйнөсүндө инсанга багытталган окутуу модели аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана эң тандалма университет болуу | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Милдети | Н.1.4. Жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрлардын санын көбөйтүү | | | | | | | | |
| Жооптуу түзүм | Ректорат (жооптуу проректор) | | | | | | | | |
| Кызматташа турган түзүмдөр | Академиялык түзүмдөр, эл аралык мамилелер бюросу | | | | | | | | |
| Натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү | Милдетке тийгизген таасири | Пландоо мезгилинин баштапкы көрсөткүчү | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | Натыйжаларды көзөмөлдөө тартиби | Отчетту берүү тартиби |
| PG 1.4.1. ISI же SCOPUS индекстүү журналдарда 200 жана андан жогору шилтемеси болгон илимий даражага ээ окутуучулардын саны | 0.25 | 2 | 10 | 15 | 20 | 25 | 30 | Жылда бир жолу | Жылда бир жолу |
| PG 1.4.2. ISI же SCOPUS индекстүү журналдарда кеминде h-индекси (Хирша индекси) 8 жана андан жогору болгон илимий даражага ээ окутуучулардын саны | 0.25 | 22 | 30 | 35 | 40 | 45 | 50 | Жылда бир жолу | Жылда бир жолу |
| PG 1.4.3. Акыркы беш жылда ISI же SCOPUS индекстүү журналдарда кеминде 3 макаласы болгон илимий даражага ээ окутуучулардын саны | 0.25 | 64 | 70 | 75 | 80 | 85 | 90 | Жылда бир жолу | Жылда бир жолу |
| PG 1.4.4. Академиялык кызматкерлердин жергиликтүү жана эл аралык иш-чараларга катышуусунун саны | 0.25 | 218 | 220 | 225 | 230 | 235 | 240 | Жылда бир жолу | Жылда бир жолу |
| Тобокелдиктер | • Улуттук жана эл аралык долбоорлордун жетишсиздиги | | | | | | | | |
| Стратегиялар | • Ийгиликке жетишкен илимий даражага ээ окутуучулардын окуу жайыбызда иштөөсү үчүн шыктандыруучу системаны түзүү<br>• ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча окуган студенттердин илимий иш-чараларга жигердүү катышуусун камсыздоо<br>• Улуттук жана эл аралык долбоорлордун санын көбөйтүү | | | | | | | | |
| Аныкталган жагдайлар | • Окутуучулардын эл аралык конгресстерге катышуусуна талаптагыдай колдоо көрсөтүлбөйт | | | | | | | | |
| Сунуштар | • Окутуучулардын эл аралык конгресстерге жана сертификат берилчү окуу программаларына катышуусун шыктандыруу<br>• Илимий даражага ээ окутуучуларга англис тилинде жазган макалаларын редакциялоодо колдоо көрсөтүү | | | | | | | | |

**5-Көрсөткүчтөрдүн картасы: А1Н1.5**

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Максаты | А.1. Түрк дүйнөсүндө инсанга багытталган окутуу модели аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана эң тандалма университет болуу | | | | | | | | | |
| Милдети | Н.1.5. Эл аралык студенттер жана окутуучулар менен алмашуу программаларын шыктандыруу | | | | | | | | | |
| Жоoптуу түзүм | Ректорат (эл аралык мамилелер бюросу) | | | | | | | | | |
| Кызматташа турган түзүмдөр | Академиялык түзүмдөр, студенттик иштер башкармалыгы | | | | | | | | | |
| Натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү | Милдетке тийгизген таасири | Пландоо мезгилинин баштапкы көрсөткүчү | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | Натыйжаларды көзөмөлдөө тартиби | Отчетту берүү тартиби | |
| PG 1.5.1. “Эрасмус плюс” программасына катышкан студенттердин саны | 0.25 | 1 | 3 | 10 | 15 | 20 | 25 | окуу мөөнөтүнүн аягында | окуу жылынын аягында | |
| PG 1.5.2. “Эрасмус плюс” программасына катышкан окутуучулардын саны | 0.25 | 2 | 2 | 3 | 3 | 5 | 5 | окуу мөөнөтүнүн аягында | окуу жылынын аягында | |
| PG 1.5.3. “Орхун” жана “Мевляна” алмашуу программасына катышкан студенттердин саны | 0.25 | 0 | 30 | 35 | 40 | 45 | 50 | окуу мөөнөтүнүн аягында | окуу жылынын аягында | |
